KYRGYZPATENT

# 2016

ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ ГОДОВОЙ ОТЧЕТ ANNUAL REPORT

KYRGYZPATENT

# 2016

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы

## ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ · ГОДОВОЙ ОТЧЕТ · ANNUAL REPORT

Государственная служба интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики

The State service of intellectual property and innovation under the Government of the Kyrgyz Republic


KYRGYZPATENT
www.patent.kg
STATE
INTELLECTUAL
PROPERTY
SERVICE
УАЛДЫК МЕНЧИК КЫЗМАТЫ

*Досалы Эсеналиев,*
*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын төрагасы*

*Д. А. Эсеналиев,*
*председатель Государственной службы интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики*

*Dosaly Esenaliev,*
*Chairman of the State Service of Intellectual Property and Innovation under the Government of the Kyrgyz Republic*



## Кымбаттуу окурман!

*Ар бир жылдык отчет биз үчүн өз ишибиздин натыйжаларын түшүнүүнүн жаңы мүмкүнчүлүгү, интеллектуалдык менчик жана инновациялар чөйрөсү үчүн актуалдуу милдеттердин кыйла натыйжалуу чечимдери менен бөлүшүү болуп саналат.*

*Интеллектуалдык менчик жана инновациялар ааламдашкан дүйнөдө бүтүндөй экономиканы өнүктүрүүнүн көрсөткүчү катары улам барган сайын чоң мааниге ээ болууда.*

*Жылдык отчет – бул ошондой эле өткөн жыл эмнеси менен эсте калгандыгын толук эстөөгө жана өнүгүүнүн келечектерин тактап алууга*

## Дорогой читатель!

*Каждый годовой отчет для нас является новой возможностью осмыслить результаты своей работы, поделиться наиболее эффективными решениями актуальных для сферы интеллектуальной собственности и инноваций задач.*

*Интеллектуальная собственность и инновации в глобальном мире приобретают все большее значение, как показатель развития всей экономики.*

*Годовой отчет — это также повод вспомнить все, чем запомнился ушедший год, и сформулировать перспективы развития. Мы постарались, как и в прошлые годы,*

## Dear reader!

*We perceive each annual report as a new opportunity to think through the results of our endeavors, share with the outstanding solutions to challenges which we have faced in the field of intellectual property and innovation. Intellectual property and innovation are rapidly gaining value as an indicator of whole economy.*

*Annual report is also a ground for recalling meaningful events of the past year and formulating development prospects. As in a previous year, we have tried to reflect all our activities, highlight our achievements and main focuses.*

*мүмкүндүк берет. Биз өткөн жылдардагыдай эле бүтүндөй биздин ишибизди көрсөтүүгө, жетишкендиктерди жана негизги багыттарды бөлүп көрсөтүүгө аракет кылдык.*

*2016-жыл ойлоп табуучулук жигердүүлүктүн өсүшү менен мүнөздөлдү, ошентип “Мыкты инновациялык долоор – 2016” республикалык конкурсуна мурдагы жылга салыштырмалуу бир кыйла көп өтүнмө келип түштү.*

*Видеоконференцбайланыш мүмкүндүгү аралыкты жана убакытты кыскарткан маек аянты катары кызмат кылуу менен кесиптештердин мамиле түзүүсүнүн жана тажрыйба алмашуусунун жаңы формасы болуп калды.*

*Отчеттук жылдагы артыкчылыктуу милдет болуп интеллектуалдык менчик жана инновациялар жаатында мыйзамдык базаны салттуу жакшыртуу эсептелди. 2016-жылы товарлардын, иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн Кыргыз Республикасынын улуттук валютасындагы акчалай көрүнүшү боюнча милдеттүү талаптарды белгилөө максаттарында Ойлоп*

*представить всю нашу деятельность, выделить достижения и основные направления.*

*2016 год характеризовался ростом изобретательской активности, так на республиканский конкурс «Лучший инновационный проект - 2016» поступило намного больше заявок, по сравнению с предыдущим годом.*

*Новой формой общения и обмена опытом с коллегами стала возможность видеоконференцсвязи, которая послужит диалоговой площадкой, сокращая расстояния и время.*

*Приоритетной задачей в отчетном году, традиционно, являлось совершенствование законодательной базы в области интеллектуальной собственности и инноваций. В 2016 году приняты постановления Правительства Кыргызской Республики об утверждении Положения о пошлинах за патентование изобретений, полезных моделей, промышленных образцов, селекционных достижений, регистрацию товарных знаков и др., в целях установления обязательных требований по денежному*

*In 2016 we have experienced the growth of the inventive activities, since during the competition “The Best Innovative Project 2016” we have received more applications in comparison to 2015.*

*The video conferencing has become a new format of communication and sharing experiences between our foreign partners and it will serve as a dialog platform shortening the distance and time.*

*Traditionally, during the period under the consideration the priority task was the legislation improvement in the field of intellectual property and innovation. The Government Decree on approval the Statute on fees for patenting inventions, utility models, industrial designs, selection achievements, registration of trademarks etc. has been adopted with a view to establish the statutory requirements according to the monetary expression of the value of goods, works, services in the national currency of the Kyrgyz Republic.*

*Within the reporting year the implementation of the State Program on Intellectual Property and*

*табууларды, пайдалуу моделдерди, өнөр жай үлгүлөрүн, селекциялык жетишкендиктерди патенттөө, товардык белгилерди ж.б. каттоо үчүн алымдар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору кабыл алынды.*

*Отчеттук жылда 2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын ишке ашыруу аяктап, коюлган милдеттердин көлөмү толук өлчөмдө ишке ашырылды. 2017-2021-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчигин өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын долбооруна киргизилген жаңы багыттарды аныктоо боюнча иштин мазмундуу көлөмү ишке ашырылды.*

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан «2022-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасын илимий-инновациялык өнүктүрүүнүн концепциясы» иштелип чыкты жана бекитилди.*

*Билдирилген иштердин багыттарынын ичинен Кыргызпатенттин*

*выражению стоимости товаров, работ, услуг в национальной валюте Кыргызской Республики.*

*В отчетном году завершилась реализация Государственной программы развития интеллектуальной собственности и инноваций в Кыргызской Республике на 2012-2016 годы, объем поставленных задач реализован в полной мере. Осуществлен насыщенный объем работы по определению новых направлений, заложенных в проекте Государственной программы развития интеллектуальной собственности Кыргызской Республики на период 2017-2021 годы.*

*Разработана и утверждена Правительством Кыргызской Республики Концепция научно-инновационного развития в Кыргызской Республики на период до 2022 года.*

*Из уже заявленных направлений работы особо следует отметить грядущую автоматизацию услуг Кыргызпатента. Предполагается улучшение программного комплекса для упрощения процедуры подачи заявок в электронном виде. К 2018 году планируется частично перейти на электронные формы взаимодействия с заявителями.*

*Innovation Development in the Kyrgyz Republic for 2012-2016 has been finished, it worth to note that the volume of assigned tasks was implemented to the full extent. The complex work has been done on determination of new directions which are reflected in the draft of the State Program of Intellectual Property Development in the Kyrgyz Republic for 2017-2021.*

*“Scientific and Innovative Development Concept in the Kyrgyz Republic until 2022” was prepared and approved by the Government of the Kyrgyz Republic.*

*From the abovementioned works, I would like to make a pointed reference to the upcoming automation of Kyrgyzpatent’s services.*

*The improvement of software basis for simplification of procedures of filing applications electronically is assumed to be. To 2018 we are planning to partly shift to the e-format of interaction with applicants.*

*In this report you will find more detailed information on Kyrgyzpatent’s performed work for 2016.*

*I truly hope that this report will give to*

*кызмат көрсөтүүлөрүн автоматташтырууну өзгөчө белгилөө керек. Электрондук түрдө өтүнмө берүүнүн жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү үчүн программалык комплексти жакшыртуу болжоштурулууда. 2018-жылга өтүнмө ээлери менен өз ара аракеттешүүнүн электрондук түрүнө жарым-жартылай өтүү пландаштырылууда.*

*Бул отчетто сиздер Кыргызпатенттин 2016-жылы аткарган иштеринин кыйла толук баяндамасын таба аласыздар.*

*Бул отчет интеллектуалдык менчик жана инновациялар чөйрөсүндө иштин жакшыртуу үчүн биздин ведомство алып барып жаткан көптөгөн иштерди окурмандын жакшы түшүнүшүнө мүмкүндүк берээрине ишенем.*

*В настоящем отчете вы сможете найти более полное описание проделанной работы Кыргызпатента за 2016 год.*

*Я хотел бы выразить надежду на то, что настоящий отчет даст читателю возможность лучше понять те многочисленные шаги, которые наше ведомство предпринимает для улучшения деятельности в сфере интеллектуальной собственности и инноваций.*

*the reader an opportunity to understand better those numerous steps, which our office are taking for improvement activities in the sphere of intellectual property and innovation.*

## МАЗМУНУ \ СОДЕРЖАНИЕ \ CONTENTS

**Кириш сөз** ........ 3
***Вступительное слово*** ........ 3
**Introductory speech** ........ 3

**I. Интеллектуалдык менчик жана инновациялар тутумун жакшыртуу** ........ 12
***I. Совершенствование системы интеллектуальной собственности и инноваций*** ........ 75
**I. Improvement of the Intellectual Property and Innovation system** ........ 138

**II. Интеллектуалдык менчик жаатындагы ченемдик укуктук база** ........ 29
***II. Нормативная правовая база в области интеллектуальной собственности*** ........ 91
**II. Legal and regulatory framework in the field of intellectual property** ........ 154

**III. Интеллектуалдык менчик жаатында эл аралык кызматташуу** ........ 32
***III. Международное сотрудничество в сфере интеллектуальной собственности*** ........ 94
**III. International cooperation in the field of intellectual property** ........ 157

**ИМБДУ менен кызматташуу** ........ 32
***Сотрудничество с ВОИС*** ........ 94
**Cooperation with WIPO** ........ 157

**Россия Федерациясы менен кызматташуу** 35
***Сотрудничество с Российской Федерацией*** ........ 98
**Cooperation with the Russian Federation** ........ 161

## МАЗМУНУ \ СОДЕРЖАНИЕ \ CONTENTS

**Кытай Эл Республикасы менен кызматташуу............. 37**
***Сотрудничество с Китайской Народной Республикой...................................................................... 100***
**Cooperation with People’s Republic of China.................. 163**

**IV. Интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо............. 40**
***IV. Охрана объектов интеллектуальной собственности 103***
**IV. Protection of intellectual property objects............................ 166**

**1. Ойлоп табуулар........................................................... 41**
***1. Изобретения.............................................................. 103***
**1. Inventions.................................................................... 166**

**2. Пайдалуу моделдер..................................................... 42**
***2. Полезные модели........................................................ 105***
**2. Utility Models................................................................ 168**

**3. Өнөр жай үлгүлөрү....................................................... 43**
***3. Промышленные образцы........................................... 106***
**3. Industrial Designs.......................................................... 169**

**4. Рационализатордук сунуштар.................................... 46**
***4. Рационализаторские предложения.......................... 109***
**4. Rationalization proposals............................................... 172**

**5. Товардык белгилер..................................................... 46**
***5. Товарные знаки.......................................................... 109***
**5. Trademarks.................................................................... 172**

**6. Эл аралык товардык белгилер................................... 47**
***6. Международные товарные знаки............................ 110***
**6. International Trademarks............................................... 173**

**7. Товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары...... 50**
***7. Наименования мест происхождения товаров....... 113***
**7. Application of Origin..................................................... 176**

**8. Фирмалык аталыштар.................................................. 50**
***8. Фирменные наименования......................................... 113***
**8. Firm Names....................................................................... 176**

**9. Селекциялык жетишкендиктер................................. 50**
***9. Селекционные достижения.................................... 113***
**9. Selective Achievements.............................................. 176**

**10. Салттуу билимдер...................................................... 51**
***10. Традиционные знания............................................... 114***
**10. Traditional Knowledge................................................. 177**

**11. Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин коргоо....................................................... 51**
***11. Охрана объектов авторского права и смежных прав........................................................................... 114***
**11. Protection of Copyright and Related rights................ 177**

**V. Мүлктүк укуктарды жамааттык башкаруу.......................... 52**
***V. Коллективное управление имущественными правами 115***
**V. Collective management of property rights............................ 178**

**VI. Лицензиялык келишимдерди каттоо................................. 54**
***VI. Регистрация лицензионных договоров.......................... 117***
**VI. Registration of license agreements...................................... 180**

**VII. Интеллектуалдык менчик укуктарын ишке ашыруу...... 56**
***VII. Осуществление прав интеллектуальной собственности......................................................................... 119***
**VII. Enforcement of IP rights ...................................................... 182**

**Сот практикасы жана Кыргызпатентке караштуу Апелляциялык кеңешинин иши ..................................... 56**
***Судебная практика и деятельность Апелляционного совета при Кыргызпатенте......... 119***
**Juridical practice and the activity of Board of Appeals under the Kyrgyzpatent .................................................. 182**

## МАЗМУНУ \ СОДЕРЖАНИЕ \  CONTENTS

**VIII. Маалыматтык технологияларды өздөштүрүү..................** 58

***VIII. Внедрение информационных технологий ....................*** 121

**VIII. Introduction of information technologies ............................** 184

**IX. Интеллектуалдык менчик  мамлекеттик фондунун иши жана чыгармачылык ишти колдоо...........................................** 59

***IX. Деятельность Государственного фонда интеллектуальной собственности и стимулирование творческой деятельности.....................................................*** 122

**IX. Activity of the State Fund of Intellectual Property and encouragement of creativity.........................................................** 185

**X. Мамлекеттик патенттик –техникалык китепкананын иши жана маалыматтык тейлөө.......................................................** 64

***X. Деятельность Государственной патентно-технической библиотеки и информационное обслуживание..........*** 127

**X. Activities of the State Patent and Technical Library and Information Services ....................................................................** 190

**XI. Маалыматтык жана редакциялык-басма иши...................** 68

***XI. Информационная и редакционно-издательская деятельность..................................................................*** 131

**XI. The information and publishing activity ...............................** 194

**Шарттуу кыскартуулардын тизмеги........................................** 73

***Перечень условных сокращений.............................................*** 136

**List of notations...................................................................** 199

# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын 2016–жылы аткарган иштери жөнүндө маалымат



# I. Интеллектуалдык менчик жана инновациялар тутумун жакшыртуу

2016-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (мындан ары – Кыргызпатент) ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы № 11 Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 9-ноябрындагы № 1053-VI токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Ишеним жана биримдик» программасынын негизги максаттарын аткарууну ишке ашырды.

2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы (мындан ары – Мамлекеттик программа) ишке ашырылды.

Мамлекеттик программанын максаттарына жетүү – **интеллектуалдык менчик жана инновациялык ишмердүүлүк тутумдарын жакшыртуу жолу менен экономиканы өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү** үчүн төмөнкү багыттар боюнча иш жүргүзүлдү:

- интеллектуалдык чыгармачылыкка колдоо көрсөтүү жана жигердендирүү;

- инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

- интеллектуалдык менчик объектилерин укуктук коргоо жана коргоо маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны жакшыртуу;

- чыгармачылык ишмердүүлүктү сыйлоо, интеллектуалдык менчикти коргоого көмөк көрсөүү;

- укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө квалификациясын жогорулатуу;

- интеллектуалдык менчик жаатында укук бузуулардын алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча маморгандардын ортосунда өз ара аракеттешүү;

- интеллектуалдык менчиктин ролу жана мааниси жөнүндө коомдун маалыматтуулугун жогорулатуу;

- Кыргызпатенттин административдик ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун модернизациялоо жана жогорулатуу.

Мамлекеттик программаны ишке ашыруунун жүрүшүндө белгилүү бир оң тенденциялар, атап айтканда төмөнкүлөр белгиленди:

- интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоо үчүн укук коргоо жана сот органдарына, анын ичинде ошондой эле жазык өндүрүшүнүн алкагында укук ээлеринин кайрылууларынын саны көбөйдү.

- Кыргыз Республикасынын Бажы реестрине киргизилген товардык белгилердин саны көбөйдү:

2012-жыл – 3 товардык белги (мындан ары - ТБ),

2013 жыл – 48 ТБ

2014 жыл – 40 ТБ

2015 жыл- 67 ТБ

2016 жыл – 206 ТБ




*- Кыргызпатенттин адистештирилген окутуу курстарында окуудан өткөн укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин саны 126дан 537 угуучуга көбөйдү.*

Кыргызпатенттин адистештирилген окутуу курстарында окуудан өткөн укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин саны 126дан 537 угуучуга көбөйдү.



*ИМ боюнча курстардын угуучуларына сертификат тапшыруу*




*ИМ боюнча курстардын угуучулары*

илимий-техникалык чыгармачылыкка тартылган мектеп окуучуларынын жана жаштардын саны 17%га көбөйдү:

| *Аймактар* | *Балдар кружокторунун саны, бирдик.* | | | *Окуучулардын саны, адам.* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *2014-жыл* | *2015-жыл* | *Айырма-сы* | *2014-жыл* | *2015-жыл* | *Айырма-сы* |
| *Ысык-Көл* | *42* | *52* | *+ 10* | *1008* | *1248* | *+ 240* |
| *Нарын* | *17* | *23* | *+ 6* | *587* | *828* | *+ 241* |
| *Талас* | *20* | *32* | *+ 12* | *720* | *1152* | *+ 432* |
| *Чүй* | *23* | *29* | *+ 6* | *830* | *1044* | *+ 214* |
| *Баткен* | *17* | *22* | *+ 5* | *612* | *792* | *+ 180* |
| *Жалал-Абад* | *12* | *17* | *+ 5* | *450* | *610* | *+ 160* |
| *Ош* | *126* | *131* | *+5* | *3024* | *3144* | *+ 120* |
| *Бардыгы* | *257* | *306* | *+ 49* | *7231* | *8818* | *+ 1587* |

- интеллектуалдык менчиктин ролу жана мааниси жөнүндө коомдун маалыматтуулугу жогорулады, буга түздөн-түз далил болуп Кыргызпатентке калктын ишениминин индексинин өскөндүгү кызмат кылат:

| | *2013 - ж.* | *2014 - ж.* | *2015 - ж.* | *2016 - ж.* |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргызпатентке калктын ишениминин индекси**<br><br>** Кыргыз Республикасынын Улуттук статкомитетинин сайтынан* | *-9,5* | *6,7* | *30,75* | *30,1* |

Маморгандар менен өз ара аракеттешүү боюнча иш жигерденди, атап айтканда:

- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу судьялардын окуу борбору менен кызматташуу жөнүндө эки тараптуу макулдашуу түзүлдү;

- интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо жаатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы менен Кыргызпатенттин өз ара аракеттешүүсү боюнча Ведомстволор аралык план иштелип чыкты жана бекитилди;

- Контрафактылык дары каражаттарын жайылтууга бөгөт коюу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Саламаттыкты сактоо министрлигинин алдындагы Дары-дармек жана медициналык техника менен камсыз кылуу департаменти жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөш боюнча мамлекеттик кызмат (финансы полициясы) менен Кыргызпатенттин өз ара аракеттешүүсү боюнча Ведомстволор аралык пландар иштелип чыкты жана бекитилди;

- Этил спиртинин контрафактылык жана фальсификацияланган продукциясын, алкоголдук жана курамында спирт бар продукцияны мыйзамсыз сатуу фактыларына бөгөт коюу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы этил спиртин, алкоголдук жана курамында спирт бар продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүнү контролдоо боюнча башкармалык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөш боюнча мамлекеттик кызмат (финансы полициясы) менен Кыргызпатенттин өз ара аракеттешүүсү боюнча Ведомстволор аралык иш-чаралар пландары иштелип чыкты жана бекитилди;

Жалпысынан Мамлекеттик программанын Иш-чаралар планын аткаруу, ошондой эле 5 долбоорду ишке ашыруу белгиленген мөөнөттөргө ылайык жүзөгө ашырылды. Мамлекеттик программанын 114 пландаштырылган иш-чарасынын ичинен ишке ашырылганы – 106, алып салынганы – 5, ишке ашыруу этабындагылар – 3.

Мамлекеттик программаны ишке ашыруунун жыйынтыктарын чыгаруу менен, Кыргызпатент коюлган милдеттердин маанилүү көлөмүн ишке ашыра алгандыгын ишенимдүү айтууга болот.

Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик тутумун өнүктүрүүнүн келечеги көпчүлүгү интеллектуалдык менчик объектилеринин укуктук коргоолушунун деңгээлине жараша болот. Мында азыркы учурда Кыргызпатент чечүүгө тийиш болгон милдеттер өтүнмөлөрдү карап чыгуунун мөөнөтүн оптималдаштырууга, экспертизанын сапатын жакшыртууга, маалыматтык-технологиялык ресурстун натыйжалуулугун жогорулатууга, юридикалык жана жеке жактарга интеллектуалдык менчиктин натыйжаларын коргоого жана сактоого укуктардын алар тарабынан кыйла толук ишке ашуусуна өбөлгө болуучу шарттарды түзүүгө, ошондой эле интеллектуалдык менчикти пайдалануу үчүн

шарттарды түзүүгө, инновациялык ишмердүүлүктүн субъектилерине колдоо көрсөтүүгө багытталат. Бул багыттар 2017-2020-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын долбooруна киргизилген.

Кыргызпатент тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен бирдикте Кыргыз Республикасын 2022-жылга чейинки мезгилде илимий-инновациялык өнүктүрүү концепциясы иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 8-февралындагы № 79 токтому менен бекитилди.

Кыргызпатент тарабынан 2016-жылы «Мыкты инновациялык долбоор» конкурсу өткөрүлдү, анын максаты кыйла келечектүү инновациялык долбоорлорду тандоо жана ишке ашырууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.

*Конкурстун жыйынтыктары боюнча андан ары илгерилетүү жана каржылоо үчүн төмөнкү долбоорлор тандалып алынды:*

1) ***«Тамчылатып сугаруу технологиясы үчүн технологиялык жабдууларды жергиликтүү үлгүлөрүн түзүү».*** Максаты – суу запастарын үнөмдөөгө арналган технологиялык жабдуулардын үлгүлөрүн алуу. Долбоор К.Скрябин атындагы КУАУнун алдындагы Инновациялык агрардык технологиялар борбору тарабынан сунушталган, жетекчиси – Р. А. Касымбеков;

2) ***«Күнөскана чарбаларында жана ачык кыртышта жердин күрдүүлүгүн жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жаңы «Ростин» био жер семирткичинин өнөр жайлык чыгарылышын түзүү».*** Долбоор ресурстарды жана энергияны минималдуу чыгымдоодо кыртыштардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуучу жана аларды күчтөндүрүүчү органикалык калдыктардын минералдашына өбөлгө түзүүчү өсүмдүктөрдүн козу карындык жана бактериалдык ооруларынын кеңири таасирине ээ болгон кыртыштык микроорганизмдеринин негизинде «Ростин» био жер семирткичинин өнөр жайлык партиясын алууга багытталган. Долбоор Кыргыз-Түрк «Манас» университети тарабынан сунушталган, жетекчиси – Т. Доолоткелдиева;

3) ***«Койлорду күпкөлөө үчүн орнотмо».*** Максаты – койлордун өндүрүмдүүлүгүн жана продуктунун сапатын жогорулатуу, белгилүү бир аймактын экологиялык жана эпизоотикалык абалын жакшыртуу үчүн орнотмолорду даярдоо. Долбоор Ы. Ж. Осмонов жана Б. С. Токтоналиев тарабынан сунушталган;

4) ***«Миталл-01» үрөн себүүчү комплекси.*** Максаты – кыртышты жана түшүмдүүлүктү сактоого арналган комплексти даярдоо, буудайды себүү мөөнөтү кыскарат. Долбоор А. Тажибаев тарабынан сунушталган.

***Интеллектуалдык менчиктин эл аралык жана улуттук күнү***

**2016-жылы 26-апрелде** Кыргызпатент Интеллектуалдык менчиктин эл аралык жана улуттук күнүн салтанаттуу белгиледи**.** Интеллектуалдык менчик күнүнө карата салтанаттуу иш-чара уюштурулуп, анда жыйынтыктар чыгарылып, сыйлыктар, стипендиялар, тастыктамалар жана ардак грамоталар тапшырылды.

Ойлоп табуучулук жана инновациялык ишмердүүлүктү колдоо максаттарында чыгармачылык жана илим жаатында көрүнүктүү жетишкендиктери үчүн Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун (ИМБДУ) Алтын медалы менен академик, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти ***Акматалиев Абдылдажан Амантурович*** сыйланды.



*Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун Алтын медалынын ээси Акматалиев Абдылдажан Амантурович интервью берүүдө*




*Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун Алтын медалы*

Евразия патенттик уюмунун (ЕАПУ) В. И. Блинников атындагы Алтын медалы менен төмөнкүлөр сыйланды:

- ойлоп табуучулук ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн – профессор, Кыргыз Республикасынын Инженердик академиясынын Машина куруу көйгөйлөрүн илимий-изилдөө борборунун директору ***Абдраимов Эмиль Самудинович***.




- Евразия аймагында патенттик ишти өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн – Кыргызпатенттин төрагасынын орун басары ***Исабаева Зина Беккелдиевна.***




*Евразия патенттик уюмунун В.И.Блинников атындагы Алтын медалынын ээси Исабаева Зина Беккелдиевна*

Тажрыйбалык үлгүлөрдү түзгөндүгү үчүн грант бөлүү жөнүндө тастыктамаларды «Мыкты инновациялык долбоор - 2015» конкурсунун жеңүүчүлөрү алышты. «Перфораторлорду өндүрүү» долбоору үчүн – Т. У. Умаров, И. Раззаков атындагы КМТУ, «Адамдын чоң лимфа коллекторлорунун чыга беришин операциялык эмес дренаждоо ыкмаларын иштеп чыгуу» долбоору үчүн – Б. У. Асанов, академик У. Асанов атындагы илимий-техникалык борбор,

«Биротордук микро гидроэлектростанция» долбоору үчүн – А. Ж. Обозов, И. Раззаков атындагы КМТУ.

Ошондой эле Кыргыз Республикасында технологияларды жана инновацияларды колдоо борборун (ТИКБ) өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн бир жолу берилүүчү стипендияларды ТИКБнын төмөнкү координаторлору алышты:

- Н. Болоткан уулу, Бишкек травматология жана ортопедия илимий-изилдөө борбору;

- Б. Эрназарова, Жалал-Абад мамлекеттик университети;

- Т. Жумабаева, Ош мамлекеттик университети.

2016-жылдын 19-20-майында Т. Абдымомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрында «Интеллектуалдык жана инновациялык ресурстар – 2016» көргөзмөсү өткөрүлдү. Көргөзмөнүн максаты болуп Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык жана инновациялык ресурстарын көрсөтүү, жаңы технологияларды өнүктүрүү боюнча тажрыйба алмашуу, долбоорлорду киргизүү, жаңы иштиктүү байланыштарды жана өнөктөштүк мамилелерди жөнгө салуу үчүн дараметтүү инвесторлорду издөө эсептелди. Көргөзмө төмөнкүдөй темалык бөлүмдор боюнча уюштурулду: ойлоп табуучулук, өнөр жайы, айыл чарбасы, балдар жана жаштар чыгармачылыгы, кол өнөрчүлүк. Көргөзмөнүн ишине ойлоп табуучулар, министрликтердин жана ведомстволордун, ЖОЖдордун, илимий-изилдөө институттарынын жана борборлорунун өкүлдөрү катышты. Көргөзмөдө 110 экспозиция жайылып көрсөт үлдү.



*“Интеллектуалдык жана инновациялык ресурстар – 2016” республикалык көргөзмөсүн ачуу, 2016-жылдын 19-20-майы.*



*2016-жылдын 19-20-майындагы “Интеллектуалдык жана инновациялык ресурстар – 2016” республикалык көргөзмөсүндөгү жаңы ойлоп табуунун бетачары*




*2016-жылдын 19-20-майындагы “Интеллектуалдык жана инновациялык ресурстар – 2016” республикалык көргөзмөсүндөгү экспонат*




*2016-жылдын 19-20-майындагы “Интеллектуалдык жана инновациялык ресурстар – 2016” республикалык көргөзмөсүндөгү экспонат*




*2016-жылдын 19-20-майындагы “Интеллектуалдык жана инновациялык ресурстар – 2016” республикалык көргөзмөсүндөгү экспонат*




*2016-жылдын 19-20-майындагы “Интеллектуалдык жана инновациялык ресурстар – 2016” республикалык көргөзмөсүндөгү экспонат*




*2016-жылдын 19-20-майындагы “Интеллектуалдык жана инновациялык ресурстар – 2016” республикалык көргөзмөсүндөгү экспонат*




*Интеллектуалдык менчик жана инновациялык өнүктүрүү стратегиясы боюнча Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун регионалдыык семинары*

2) 2016-жылдын 23-24-июнунда ИМБДУ менен бирдикте, контрафактылык продуктуларды жайылтууга каршы күрөш боюнча тажрыйба алмашуу максатында «Автордук укук. Каракчылык продуктуларын жайылтууга каршы күрөш: тажрыйба жана келечектери» семинары өткөрүлдү. Семинардын ишинде Интернет тарамындагы каракчылык маселелери, ИМ укуктарын коргоого теңдемделген мамиленин, ТРИПС Макулдашуусунун алкагында коргоонун жарандык-жазык каражаттарынын зарылчылыгы талкууланды. Семинардын ишине ИМБДУнун, Россиянын, Украинанын патенттик ведомстволорунун, Азербайжандын, Армениянын, Белоруссиянын, Казахстандын автордук коомдорунун, Майкрософт компаниясынын, мамлекеттик, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле судьялар жана укук ээлери катышты.




3) 2016-жылдын 20-21-сентябрында ИМБДУ менен бирдикте чакан жана орто ишканалар үчүн бизнести өнүктүрүүдө товардык белгилердин, жамааттык белгилердин жана тастыктамаланган белгилердин ролу жөнүндө улуттук

*Кыргызпатент Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн* 2012-жылдын 31-январындагы *№ 67 токтому менен бекитилген* «Манас» эпосун сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу боюнча Кыргыз Республикасынын 2012-2017-жылдардагы мезгилге карата улуттук программасын (мындан ары – Улуттук программа) ишке ашыруунун алкагында жыл сайын азыркы манасчылардын айтуусунда «Манас» эпосунун CD *жана* DVD-диск*терин чыгарат. Дисктер* «Манас» эпосунун гумандуулук идеяларын кеңири жайылтуу максаттарында жана жаш муундарды руханий тарбиялоо жана Кыргызстандын элинин биримдигин чыңдоо үчүн чыгарылат. Дисктердин жыл сайынкы нускасы 3000 себилдерди түзөт (1 себилде 1 CD жана 1 DVD-диск болот). Алар өлкөнүн китепканаларына жана окуу жайларына өткөрүлүп берилет. Ошентип:

- 2012-жылы «Манас» эпосунун CD жана DVD-дисктери Талантаалы Бакчиевдин айтуусунда чыгарылды;

- 2013-жылы - Рысбай Исаковдун;

- 2014-жылы - Замирбек Баялиевдин;

- 2015-жылы - Доолот Сыдыковдун;

2016-жылы Самат Кочорбаевдин айтуусунда дисктер чыгарылды. Бул үчүн «Бейне-фильм» киностудиясы тарабынан фильм тартылды, ал «Семетейдин Сарытазга жолукканы», «Каныкейдин жомогу», «Чубак менен Алманбеттин чатагы» үзүндүлөрүнөн турду.

2016-жылдын 9-декабрында Ч. Айтматов атындагы Кино үйүндө «Манас» эпосунун CD жана DVD-дисктеринин бет ачары болду. Улуттук программаны ишке ашыруунун алкагында аудио-, видеодисктерди даярдоого жана чыгарууга жигердүү катышкандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин башкы адиси Н.Б.Мекешова Ыраазычылык кат алды.



*Кыргызпатенттин төрагасы Д. А. Эсеналиев “Манас” эпосунун CD жана DVD-дисктерин бетачарын ачууда*



*С. Кочкорбаев "Манас" эпосундагы Семетей менен Сарытаздын жолугушуусунан" үзүндү айтып берүүдө*







*Кыргызпатент тарабынан чыгарылган "Манас" эпосунун CD и DVD-дисктери, С. Кочкорбаевдин аткаруусундагы "Семетей менен Сарытаздын жолугушуусу", "Каныкейдин жомогу" жана "Чубак менен Алмамбеттин чатагы" үзүндүлөрү*

Кыргызпатент тарабынан «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 “Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы “2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 30-августундагы № 596 токтому менен бекитилген 2012-2014-жылдарга коррупцияга каршы туруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш-чараларынын планын жана программасын аткаруу үчүн 2013-2018-жылдарга коррупцияга каршы туруу боюнча Кыргызпатенттин программасы иштелип чыкты.

Программа (мындан ары – Кыргызпатенттин программасы) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматында коррупцияга каршы туруу саясатын ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө багытталган. Кыргызпатенттин программасында коррупцияны табуу жана алдын алуу боюнча багыттар аныкталып, артыкчылыктарды эске алуу менен ар бир жылга Коррупцияга каршы туруу боюнча иш-чаралар планы иштелип чыгат. Андан тышкары, туруктуу негизде коррупциянын деңгээлин төмөндөтүүгө багытталган талдоо жүргүзүлөт. Талдоонун жыйынтыктары боюнча берилген сунуштар Пландарды иштеп чыгууда эске алынат. Ведомствонун ишмердүүлүгүн талдоо жүргүзүлдү, интеллектуалдык менчик жаатында ченемдик укуктук актылар изилденди, коррупциялык зоналар жана тобокелдиктер аныкталды жана талдоого алынды. 2016-жылдын 24-ноябрында Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин катчылыгынын отурумунда Коррупцияга каршы туруу саясатынын мамлекеттик стратегиясын ишке ашырууну контролдоо боюнча жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктары, ошондой эле коррупциялык зоналардын жана тобокелдиктердин тизмесинин долбоору каралды. Отурумдун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин катчылыгынын кароосуна интеллектуалдык менчик жана инновациялар чөйрөсүндөгү коррупциялык зоналардын жана тобокелдиктердин талдоосун жана тизмесин бекитүү жөнүндө чечим кабыл алынды.

### *Чакан жана орто ишканалардын инновацияларды жана технологияларды өздөштүрүүсү үчүн шарттарды түзүү*

Кыргызпатент тарабынан интеллектуалдык менчик объектилерин жана инновацияларды коммерциялаштырууга көмөк көрсөтүү боюнча чакан жана орто ишканалардын (мындан ары – ЧОИ) жана башка кызыкдар болгон жактардын инновацияларды жана технологияларды өздөштүрүүсү үчүн шарттарды түзүү боюнча иштер жүргүзүлдү. Эл аралык маалымат базаларын, коммерциялык, илимий жана техникалык журналдарды пайдалануу менен техникалык маалыматтарды издөө боюнча ЖОЖдордо, ИИИлерде жана башка мекемелерде тренингдер, сабактар өткөрүлдү.

2016-жылы жогорку окуу жайларынын жана Кыргыз Республикасынын аймактарындагы уюмдардын базасында Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун (ТИКБ) 5 филиалы ачылды, ошентип 2012-жылдан бери 24 филиал ачылды. ТИКБ илимий коомдоштуктардын өкүлдөрүнө, ойлоп табуучуларга, студенттерге жана бизнес-коомдоштуктардын өкүлдөрүнө техникалык жана патенттик маалыматты издөөгө көмөк көрсөтөт, интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды каттоого жана башкарууга байланыштуу кеңештерди берет.



*И.К.Ахунбаев атындагы КММАда ТИКБнын филиалын ачуу*




*Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо улуттук борборунда ТИКБнын филиалын ачуу*

2016-жылдын 8-ноябрынан 17-ноябрына чейин Кыргызпатент «Россия интеллектуалдык менчик мамлекеттик академиясы» жогорку билим берүүчү Федералдык мамлекеттик бюджеттик билим берүү мекемеси менен бирге «Инновациялык менеджмент. Инновациялык долбоорлорду башкаруу» квалификацияны жогорулатуу программасы боюнча окуу өткөрдү. Курстун угуучулары болуп Кыргызпатенттин кызматкерлери жана ТИКБнын координаторлору эсептелди. Окутуунун максаты – инновациялык менеджмент жана интеллектуалдык менчикти өнүктүрүү жаатында кадрлардын квалификациясын көтөрүү. Экономиканы өнүктүрүнүн инновациялык негиздери инновациялык менеджменттин методологиялык негиздери, инновациялык ишмердүүлүктү уюштуруу формалары, инновациялык долбоорлорду башкаруу, долбоорлордун экономикалык натыйжалуулугун азыркы баалоонун методикалык негиздери жана инновациялык долбоорлорду башкаруудагы маалыматтык тутумдар изилденди. Окуудан өткөн 22 адам жыйынтыктоочу аттестациядан өттү жана квалификацияны жогорулатуу жөнүндө ырастамаларды алышты.

*Төмөнкүдөй семинарлар өткөрүлдү:*

- 2016-жылдын 25-мартында КЭРдин Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик ведомствосу (SIPO) менен бирге «ЧОИлерге колдоо көрсөтүүдө жана инновацияларды өнүтүрүүдө патенттик маалыматты пайдалануу" деген семинар өткөрүлдү. Семинардын максаты – ЧОИлерди жана инновацияларды өнүтүрүү үчүн патенттик маалыматты пайдалануу маселелери боюнча эл аралык тажрыйба алмашуу.



*Кытай Эл Республикасынын Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик ведомствосу менен биргеликте "КӨИлерди колдоодо патенттик маалыматтарды колдонуу жана инновацияны өнүктүрүү" семинары*

- 2016-жылдын 26-майында Түркия патенттик институту (ТПИ) менен бирге уюштурулган семинар болуп өттү. Семинардын максаты – ойлоп табууларга, өнөр жай үлгүлөрүнө жана товардык белгилерге өтүнмөлөрдү кароонун жол-жоболору боюнча тажрыйба алмашуу. Семинарда экспертизанын жана өнөр жай менчик объектилерине коргоо берүүнүн актуалдуу маселелери каралды. Интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо чөйрөсүндөгү маселелер талкууланды.

- 2016-жылдын 17-июнунда Эстон интеллектуалдык менчик жана технологияларды өткөрүп берүү борбору менен бирге «Интеллектуалдык менчик жаатында сабак берүү жана окуу материалын иштеп чыгуу» тренинги өткөрүлдү. Тренингдин максаты – ЖОЖдордо интеллектуалдык менчикти окутуунун программаларын жана сабак берүүнүн методикаларын иштеп чыгуу боюнча тажрыйба алмашуу. Тренингде биздин республиканын билим берүү стандартына интеллектуалдык менчик маселелери боюнча окуу сабагынын милдеттүү курсун киргизүүнүн, мектеп окуучуларын жана студенттерди патент таанууга окутуунун актуалдуулугу белгиленди.

- 2016-жылдын 22-сентябрында Кыргызпатент тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматтын (финансы полициясы), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин, «Майкрософт» компаниясынын, АРТЕ юридикалык фирмасынын жана «1С: Като - Экономикс» ЖЧКсынын колдоосу астында «Каракчылыкка жол жок-2016» социалдык акциясы өткөрүлдү.

Акциянын максаттары – интеллектуалдык менчик объектилерин жасалма жана контрафактылык товарлардан коргоонун маанисине коомдун көңүлүн буруу, фальсификацияга карата негативдүү мамилени калыптандыруу, контрафактыга каршы күрөшүүдө мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттешүүсүн жигердендирүү. Акцияга казакстандын «Аманат» автордук коомунун жана «Укук ээлеринин улуттук бирлиги» республикасык коомдук бирикмесинин өкүлдөрү катышты. Жыйынтыктар боюнча акциянын катышуучулары тарабынан 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо жана сактоо боюнча кызматташуунун ведомстволор аралык узак мөөнөттүү планын иштеп чыгуу үчүн ведомстволор аралык жумушчу топту түзүү жөнүндө чечим кабыл алынды.




*“Каракчылыкка жол жок – 2016” социалдык акциясы*



*“Каракчылыкка жол жок – 2016” социалдык акциясы*

- 2016-жылдын 14-декабрында «Кыргыз Республикасындагы инновациялык ишмердүүлүктүн абалы жана көйгөйлөрү» деген темада тегерек үстөл өткөрүлдү. Кыргыз тараптын демилгеси боюнча БУУ ЕЭКтин эксперттери тарабынан «Кыргыз Республикасында инновациялык өнүгүүгө сереп» жүргүзүлмөкчү.



# II. Интеллектуалдык менчик жаатындагы ченемдик укуктук база

Интеллектуалдык менчик жаатында мыйзамдарды жакшыртуу максаттарында отчеттук мезгил ичинде төмөнкү ченемдик укуктук актылар иштелип чыкты жана кабыл алынды:

1)Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 23-июлундагы № 133 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жана «Фирмалык аталыштар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп таануу тууралуу” Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген.

Мыйзам Кыргыз Республикасында фирмалык аталыштарды каттоонун жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү, ошондой эле чакан жана орто ишканалар үчүн тоскоолдуктарды жоюу максаттарында жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 13-февралындагы №37-б. буйругу менен бекитилген 2015-жылга Өкмөттүн мыйзамдолбоорлоо иштеринин планынын 32 пунктуна ылайык ишкердик ишти ишке ашыруу үчүн аларга жагымдуу шарттарды түзүү үчүн кабыл алынган;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы № 654 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу тууралуу**»** токтому.

Бул токтом интеллектуалдык менчик жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жана «Фирмалык аталыштар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп таануу тууралуу” Мыйзамынын 6-беренесине ылайык келтирүү максаттарында кабыл алынган;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 3-октябрындагы № 522 «Автордук укук, чектеш укуктар объектилерин жана интегралдык микросхемалардын топологияларын каттоо үчүн жыйымдар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 3-октябрындагы № 523 «Ойлоп табууларды, пайдалуу моделдерди, өнөр жай үлгүлөрүн, селекциялык жетишкендиктерди патенттөө, товардык белгилерди, тейлөө

белгилерин, товардын чыккан жерлеринин аталыштарын каттоо, товардын чыккан жерлеринин аталыштарын каттоо, товарлардын чыккан жерлеринин аталыштарын пайдалануу укугун берүү жана патенттик ишенимдүү өкүлдөрүн каттоо үчүн алымдар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому.

Жогоруда белгиленген акыркы эки токтом Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 18-мартындагы №135 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтомунун 3-, жана 4-пункттарына ылайык товарлардын, жумуштардын жана кызматтардын наркын Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында көрсөтүү боюнча милдеттүү талаптарды белгилөө максаттарында кабыл алынды;

4)Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-октябрындагы № 544 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 27-майындагы № 336 «Кыргыз Республикасындагы рационализатордук сунуш жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» токтому.

Токтом «Административдик ишмердүүлүктүн негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык келтирүү максаттарында кабыл алынган, Кыргыз Республикасындагы рационализатордук сунуштар жөнүндө жобонун дал ушул 12-пункту рационализатордук сунушту каттоо жөнүндө же аны каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимди авторго 3 күндүк мөөнөттө берүүнү белгилеген ченем менен толукталган;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 22-мартындагы № 140 «Гродно шаарында 2015-жылдын 8-сентябрында кол коюлган Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоо боюнча иштерди координациялоо жөнүндө келишимди бекитүү тууралуу» токтому.

Евразия экономикалык биримдигинин (мындан ары – ЕАЭБ) интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоо боюнча иштерди коррдинациялоо жөнүндө келишим ЕАЭБдин бажы аймагында интеллектуалдык менчик объектилерине укук бузууларга бөгөт коюуга көмөк көрсөтүү жана өз ара аракеттерди ишке ашыруу үчүн укуктук негиздерди, Евразия экономикалык комиссиясы (мындан ары – ЕЭК) менен мүчө-мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдарынын маалыматтык өз ара аракеттешүүсүн, ошондой эле интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктар бөлүнүп берилген мүчө-мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдарынын кызматташуусун жана өз ара аракеттешүүсүн караштырат.

7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 31-октябрындагы № 467-б. «Далянь шаарында 2011-жылдын 14-сентябрында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматы менен Кытай Эл Республикасынын Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик башкармалыгынын ортосундагы Интеллектуалдык менчик жаатында кызматташуу жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу протоколдун долбooруна макулдук берүү жөнүндө» буйругу.

Буйрук интеллектуалдык менчик жана инновациялар жаатында аталган уюмдардын ортосунда эки тараптуу кызматташтыкты чыңдоо, укуктук коргоонун натыйжалуулугун жогорулатуу жана интеллектуалдык менчикти пайдалануу, интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруу боюнча маалымат алмашуу жана жергиликтүү инновациялык саясатты түзүү жана ишке ашыруу жаатында тажрыйба алмашуу, Кыргыз Республикасынын илимий-инновациялык

иштелмелерин динамикалык өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү аркылуу кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүү максаттарында, ошондой эле интеллектуалдык менчик жаатында аймактык жана эл аралык кызматташтыктын ар кандай механизмдеринин иштешине өз ара колдоо көрсөтүү максаттарында даярдалган;

8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-декабрындагы № 546-б. «Автордук жана чектеш укуктарды жамааттык негизде башкаруунун тартиби жөнүндө макулдашуунун долбоорун жактыруу жөнүндө» буйругу. Бул Буйрук Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2016-жылдын 16-майындагы № 15-буйругунун 2-пунктуна ылайык мамлекеттик ички жол-жоболорду жүргүзүү максаттарында даярдалган;

9) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-майындагы № 201-б. «2010-жылдын 21-майындагы Бажы биргилигинин мүчө мамлекеттеринин интеллектуалдык менчик объектилеринин бирдиктүү бажы реестри жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу протоколдун долбоорун жактыруу жөнүндө» буйругу.

Көрсөтүлгөн буйрук долбоору өз кезегинде ЕЭК менен бирге ЕАЭБдин мүчө-мамлекеттери тарабынан иштелип чыккан жана ЕЭКке интеллектуалдык менчик объектилеринин бирдиктүү бажы реестрин жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарды берүүнү, ошондой эле ЕЭК тин ЕАЭБдин мүчө-мамлекеттеринин борбордук бажы органдары жана укук ээлери (алардын өкүлдөрү) менен өз ара иштешүү тартибин бекитүүнү караштырган 2010-жылдын 21-майындагы Бажы бирлигинин мүчө мамлекеттеринин интеллектуалдык менчик объектилеринин бирдиктүү бажы реестри жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу протоколдун долбооруна кол коюу үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максаттарында иштелип чыккан;

10) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы № 710 «Азиздердин жана көрүүсү начарлаган же басма маалыматты кабыл алууга жөндөмдүүлүгү башкача чектелген адамдардын жарыяланган чыгармаларды пайдалануусун жеңилдетүү жөнүндө Марракеш келишимине Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө» токтому.

Көрсөтүлгөн Марракеш келишиминин негизги максаты жана башкы артыкчылыгы болуп бүткүл дүйнөдө басма маалыматты кабыл алууга жөндөмдүүлүгү башкача чектелген адамдар үчүн китептерди, журналдарды жана башка басма материалдарды алуу мүмкүндүгүн кеңейтүү эсептелет.



# III. Интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө эл аралык кызматташтык

Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча Кыргызпатенттин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын тиешелүү эл аралык келишимдерден келип чыгуучу кызыкчылыктарын камсыз кылууга жана милдеттенмелерин аткарууга, ошондой эле эл аралык уюмдар жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен кызматташууну өнүктүрүүгө багытталган.

***ИМБДУ менен кызматташуу***

1) 2016-жылы 26-апрелде интеллектуалдык менчиктин стратегиясы жана инновациялык өнүктүрүү боюнча Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун (ИМБДУ) Аймактык семинары болуп өттү. Семинардын ишине интеллектуалдык менчиктин стратегиясын өнүктүрүү жана ИМБДУнун ролу жөнүндө, жергиликтүү деңгээлде билимдер базасын чыңдоо жөнүндө баяндамасы менен ИМБДУнун өткөөл жана өнүккөн экономикалуу өлкөлөр департаментинин Инновациялык саясат секторунун жетекчиси - Тамара Нанаякарра айым, «Ишкерчиликке жана бизнестин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө колдоо көрсөтүүнүн ылайыктуу шарттарын түзүү жөнүндө» баяндамасы менен интеллектуалдык менчик жаатындагы эл аралык эксперт Рон Марчант катышты. Ошондой эле катышуучулар Арменияның, Беларусиянын, Казакстандын, Россиянын, Тажикстандын, Туркмөнстандын патенттик ведомстволорунун, министрликтердин жана ведомстволордун, сот жана укук коргоо органдарынын, Кыргыз Республикасынын ИИИ жана ЖОЖдорунун өкүлдөрү, авторлор жана ойлоп табуучулар, Кыргызпатенттин жетекчилиги жана кызматкерлери болушту. Семинарда 2012-2016-жылдарга Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын ишке ашыруунун алдын ала жыйынтыктары талкууланды.

семинар уюштурулуп, ага Кыргыз Республикасынын бизнес-коомдоштуктарынын жана бизнес-ассоциацияларынын, министрликтердин жана ведомстволордун өкүлдөрү, патенттик ишенимдүү өкүлдөр катышты.



*Бизнести өнүктүрүүдө товардык белгилердин, жамааттык белгилердин жана сертификацияланган белгилердин ролу жөнүндө кичи жана орто ишканалар үчүн ИМБДУнун улуттук семинары*

4) 2016-жылдын 6-октябрында Женевада ИМБДУнун мүчө-мамлекеттеринин Ассамблеясынын отурумдарынын 56-сериясынын ишинин жүрүшүндө Кыргызпатенттин төрагасы Абдыллабек уулу Манас ИМБДУнун башкы директору Френсис Гарри менен жолугушту.



*Кыргызпатенттин төрагасы Абдыллабек уулу Манастын ИМБДУга мүчө-мамлекеттердин Ассамблеясынын отурумунун 56 сериясынын ишинин жүрүшүндө ИМБДУнун башкы директору Френсис Гарри менен жолугушуусунан*

Жолугушууга Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси, Женева шаарындагы БУУдагы жана башка эл аралык уюмдардагы Туруктуу өкүлү Данияр Мукашев, ошондой эле ИМБДУнун өткөөл мезгилдеги өлкөлөр жана өнүккөн өлкөлөр департаментинин директору Михал Швантнер катышты. Бул иш сапардын алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен ИМБДУнун ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө Меморандумга кол коюу сунушталды.



*ИМБДУга мүчө-мамлекеттердин Ассамблеясынын отурумунун 56 сериясынын ишинин жүрүшүндө ИМБДУнун башкы директору Френсис Гарри менен жолугушууда*



*ИМБДУга мүчө-мамлекеттердин Ассамблеясынын отурумунун 56 сериясы, Женева, Швейцария*

*Ошондой эле иш сапардын алкагында төмөнкүдөй жолугушуулар болду:*

- ИМБДУ Академиясынын аткаруучу диреткору Шериф Садаллах менен жолугушуу, анын жүрүшүндө бул долбоорду ишке ашыруунун дайындуу кырдаалдарын талкуулоо менен Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик жаатында билим берүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү жөнүндө макулдашууга жетишилди;

- ИМБДУнун өткөөл мезгилдеги өлкөлөр жана өнүккөн өлкөлөр департаментинин директору Михал Швантнер менен жолугушуусу, анын жүрүшүндө патенттик ландшафт боюнча «Интеллектуалдык менчик инновациялык экономикада» деген темада улуттук семинар өткөрүү, ошондой эле интеллектуалдык менчик жаатында талаш-тартыш медиациясынын тажрыйбасы менен таанышуу максаттарында Кыргызпатенттин кызматкерлеринин ИМБДУнун арбитраж жана ортомчулук боюнча борборуна баруусун уюштуруу жөнүндө макулдашууга жетишилди;

5) 2016-жылы Кыргызпатент Евразия патенттик ведомствосу (ЕАПВ) менен үзүрлүү кызматташууну улантты, ал Кыргызпатенттин адистерине «Евразия өтүнмөлөрүн экспертизалоо жана евразия патенттерин берүү»; «ЕАПВда колдонулуучу маалыматтык технологиялар» деген сыяктуу окутуучу программаларда кесиптик кайра даярдоонун алкагында, ошондой эле Россия Мамлекеттик интеллектуалдык менчик академиясынын базасында «Интеллектуалдык менчик. Патент таануу» программасы боюнча жыл сайын өз квалификациясын жана билим деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет.

### *Россия Федерациясы менен кызматташуу*

1. КМШ өкмөт башчыларынын кеңешинин саммитинин алкагында Кыргызстандын Премьер-министри С. Жээнбековдун жана Россия Өкмөтүнүн Төрагасы Д. Медведевдин катышуусунда Кыргызпатент менен Россиянын интеллектуалдык менчик боюнча федералдык кызматынын (Роспатент) ортосунда Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлду. Кол коюлган Меморандумдун алкагында ведомствонун 10 өкүлү мурда бекитилген темалар боюнча такшалмадан өтүштү. Мындан тышкары, «РСТ жол-жобосу боюнча өтүнмөлөрдү кароонун өзгөчөлүктөрү» деген темада семинар өткөрүлдү. Ошондой эле 2017-2018-жылдарга Кыргызпатент менен Роспатенттин ортосундагы Иш-чаралар планына кол коюлду.

*Көрсөтүлгөн План төмөнкүлөрдү караштырат:*

- интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо жана аларга укуктарды пайдалануу боюнча тажрыйба аламашуу;
- интеллектуалдык менчик жаатында маалымат алмашуу;

- эки ведомствонун адистерин бирге окутуу, кесиптик кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу максаттарында окутуунун аралыктык технологияларын пайдалануунун практикасын киргизүү;

- интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу боюнча Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин катышуучу-мамлекеттеринин базалык уюмунун колдоосу астында Кыргыз Республикасынын окутуу курсун уюштуруу;

- интеллектуалдык менчик объектилеринин мониторингин жүргүзүү жана коммерциялаштыруу, ИМБДУнун долбоорунун алкагында ишке ашырылуучу ТИКБ тарамын өнүктүрүү боюнча ченемдик укуктук жана методикалык документтер менен алмашуу.



*Кыргызпатенттин төрагасы Абдыллабек уулу Манастын Россиянын Интеллектуалдык менчик боюнча федералдык кызматынын (Роспатент) жетекчиси Григорий Ивлиев менен жолугушуусу*



*Россиянын Интеллектуалдык менчик боюнча федералдык кызматынын (Роспатент) менен Кыргызпатентин ортосундагы өз ара түшүнүшүү Меморандумуна кол коюу*

2. Кыргызпатент менен Россия мамлекеттик интеллектуалдык менчик академиясынын ортосунда интеллектуалдык менчик жана инновациялар чөйрөсүндө билим берүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө кызматташуу жөнүндө меморандум. Кызматташуунун негизги максаты – интеллектуалдык жана инновациялык ишмердүүлүктүн натыйжаларына укуктарды коргоо жана башкаруу, аларды баалоо жана коммерциялаштыруу багыттары боюнча адистердин квалификациясын жогорулатуу.

***Кытай Эл Республикасы менен кызматташуу***

1) 2016-жылдын 25-июлунда алкакка жана жибек жолуна жарыш жайгашкан өлкөлөр үчүн интеллектуалдык менчик маселелери боюнча жогорку деңгээлдүү Конференциянын алкагында Кыргызпатенттин төрагасы Абдыллабек уулу Манас менен Кытай Эл Республикасынын Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик башкармалыгынын (SIPO) комиссарынын орун басары Хэ Зиминдин эки тараптуу жолугушуусу болду. Жолугушууда Кыргызпатент менен SIPOнун ортосундагы кызматташуу жөнүндө Макулдашууга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу Протоколдун долбоору өткөрүлүп берилди, ведомстволор ортосунда 2017-жылга Иш-чаралар планынын долбоору макулдашылды. Бул Конференциянын алкагында Кытайдын Автордук укук боюнча улуттук администрациясынын төрагасынын орун басары менен жолугушуу болуп, анда Кыргызпатент тажрыйба алмашуу, квалификацияны жогорулатуу, биргелешкен иш-чараларды жана такшалмаларды уюштуруу боюнча кызматташууну сунуш кылды.

*Кыргызпатенттин төрагасы Абдыллабек уулу Манастын Жибек жолуна жана алкакка параллель жайгашкан өлкөлөр үчүн интеллектуалдык менчик маселелери боюнча жогорку деңгээлде конференциянын алкагында Кытай Эл Республикасынын Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик ведомствосунун ксарынын орун басары ХэЗимин менен жолугушуусу*



2) 2016-жылдын 2-ноябрында КЭРдин Мамлекеттик кеңешинин Премьери Ли Кэцяндын Кыргыз Республикасына расмий визитинин алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы менен SIPOнун ортосунда интеллектуалдык менчик жаатында кызматташуу жөнүндө Макулдашууга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу Протоколго кол коюлду.



*Интеллектуалдык менчик жаатында Кыргызпатент менен SIPOнун ортосундагы Кызматташуу жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө протоколго кол коюу учуру*

***2016-жылы эл аралык кызматташтыкты чыңдоо максатында*** патенттик ведомстволордун, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен төмөнкүдөй бир катар эки тараптуу жолугушуулар уюштурулду:

1. 2016-жылдын 4-февралында Кыргызпатент Майкрософт корпорациясынын КМШ өлкөлөрү жана Монголия боюнча өкүлдөрүн (Москва ш.) кабыл алды. Эки тараптуу жолугушуунун жүрүшүндө Кыргызпатенттин Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары менен өз ара аракеттешүүсү боюнча ведомстволор аралык иш-чаралар планын иштеп чыгуу, Майкрософттун жаңы программалык продуктуларынын лицензияланбагандык белгилерин табуу боюнча Кыргызпатенттин эксперттерин окутуу, программалык камсыздоонун контрафактылык белгилерин аныктоо боюнча усулдук колдонмолорду, сунуштамаларды жана материалдарды иштеп чыгуу бөлүгүндө Кыргызпатент менен Майкрософт корпорациясынын мындан ары кызматташуу маселелери талкууланды.

2. 2016-жылдын 27-июнунда Азербайжан автордук коомунун төрагасы жана Грузиянын Автордук укук боюнча ассоциациясынын төрагасы менен жолугушуу өткөрүлдү. Жолугушууда авторлордун жана укук ээлеринин мүлктүк укуктарын жамааттык башкаруу жаатында кызматташуу, ошондой эле жеке көчүрмөлөө үчүн автордук сыйакы жыйноо жөнүндө маселелер талкууланды.



*Кыргызпатенттин статс-катчысы Жапаркул Ташиев менен Азербайжан автордук коомунун төрагасы Исмаил Мамадкаримов жана Грузиянын автордук укук боюнча Ассоциациясынын төрагасы Гига Кобаладзе менен жолугушуусу*

3. 2016-жылдын 11-ноябрында “Сколково” Жаңы технологияларды жаратуу жана коммерциялаштыруу борборун өнүктүрүү фонду менен биргеликте Кыргыз Республикасында технопарктарды түзүү жана өнүктүрүү боюнча семинардын алкагында Кыргызпатент менен «Сколково» фондунун ортосунда 2017-2018-жылдарга Иш-чаралардын планына кол коюлду. План Кыргыз Республикасынын инновациялык долбоорлорун (медицина, энергетика, биотехнология, маалыматтык технологиялар жана тоо кендерин казып чыгаруу тармагы) ишке ашыруу жаатында кызматташтыктын келечектерин жана мүмкүнчүлүктөрүн талкуулоо, «Сколково» фондунун жана Кыргызпатенттин инновациялык долбоорлорду тандап алуу, каржылоо жана ишке ашырууну башкаруу боюнча практикалык ыкмаларды камтуу менен инновациялык

менеджмент чөйрөсүндө адистерди окутуу боюнча программаларына кызыкдар болгон тараптардын катышуусун талкуулоо максатында биргелешкен тегерек үстөлдөрдү уюштурууну караштырат.

***Окутуу***

*Кыргызпатенттин кызматкерлери квалификациясын жогорулатуу боюнча окуудан өтүштү:*

1) 2016-жылдын 1-18-мартында бир кызматкер Швейцариянын Женева ш. ИМБДУ жана БСУ багыты боюнча “Мамлекеттик кызматкерлер үчүн интеллектуалдык менчик боюнча илгерилетүү курсунда” квалификациясын жогорулатуудан өттү;

2) 2016-жылдын 12-24-апрелинде ойлоп табуулардын экспертизасы бөлүмүнүн эксперти Москва ш. РМИМАдан “Иинтеллектуалдык менчик, патенттөө” программасы боюнча кесиптик кайра даярдоодон өттү;

3) 2016-жылдын 25-майынан 3-июнга чейин бир кызматкер Москва ш. ЕАПУдан “Евразия өтүнмөлөрүн экспертизадан өткөрүү жана химия, биотехнология жаатындагы евразия патенттерин берүү” деген такшалмадан өттү;

4) 2016-жылдын 25-майынан 4-июнуна чейин эки кызматкер Кытай патенттик ведомствосу (SIPO) менен макулдашуунун алкагында интеллектуалдык менчик боюнча окуу тренингинен өтүштү, Шанхай ш., КЭР;

5) 2016-жылдын 1-14-августунда бир кызматкер Москва ш. Бүткүл россиялык патенттик-техникалык китепканасында дайындарды электрондук түргө өткөрүү маселелери боюнча такшалмадан өттү;

6) 2016-жылдын 26-сентябрынан 7-октябрына чейин эки кызматкер Москва ш. “Евразия өтүнмөлөрүн экспертизадан өткөрүү жана механика, электротехника жаатындагы евразия патенттерин берүү” деген такшалмадан өттү;

7) 2016-жылдын 7-25-ноябрында бир кызматкер Москва ш. РМИМАдан “Интеллектуалдык менчик, патент таануу” программасы боюнча кесиптик кайра даярдоодон өттү;

8) 2016-жылдын 28-ноябрынан 2-декабрга чейин бир кызматкер Москва ш. «Red Hat. Системалык башкаруу II (RHCSA)» окутуу курсунан өттү.



# IV. Интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо

*Интеллектуалдык менчик объектилерине келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы* *1 - таблица*

| 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|
| 3810 | 4147 | 3713 | 4057 | 4789 |




Өнөр жай менчик объектилеринин жана селекциялык жетишкендиктердин экспертизасы жана аларды каттоо

**1. Ойлоп табуулар**

2016-жылы Кыргызпатентке ойлоп табууга патент алууга 89 өтүнмө келип түшкөн.

Чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен 5 өтүнмө келип түшкөн (Россия – 2, Молдова – 2, Украина - 1).

*Ойлоп табууга патент алууга келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2012-2016-жж.)* *1.1 - таблица*

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны | 111 | 114 | 139 | 126 | 89 |
| Улуттук өтүнмөлөр | 110 | 111 | 132 | 122 | 84 |
| Чет өлкөдөн келип түшкөн өтүнмөлөр | 1 | 3 | 7 | 4 | 5 |

2016-жылы ойлоп табууга патент алууга өтүнмөлөр боюнча 128 чечим чыгарылган. Отчеттук мезгилде ойлоп табуулар боюнча өтүнмөлөр боюнча чыгарылган чечимдердин жалпы санынан оң чечимдер 89,8 %ын түзөт.

Отчеттук мезгилде PCT жол-жобосу боюнча өтүнмө келип түшкөн жок, ал эми Евразия патенттик конвенциясынын жол-жобосу боюнча 6 өтүнмө келип түшкөн.

Эл аралык патенттик жиктемеси (ЭПЖ) боюнча өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү көрсөтүп тургандай, ойлоп табууларга келип түшкөн өтүнмөлөрдүн көптөгөн саны төмөнкү бөлүмдөргө кирет: «А: Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу», «В: Ар кандай технологиялык процесстер», «С: Химия; металлургия», «F: Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соргучтар; курал-жарак жана ок-дары; жардыруу жумуштары» жана «Е: Курулуш; тоо-кен иштери».

*Эл аралык патенттик жиктемесине ылайык өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү (2014-2016-жж.)*

*1.1 - диаграмма*




«А» - адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу;
«В» - ар кандай технологиялык процесстер;
«С» - химия; металлургия;
«D» - текстиль; кагаз;
«Е» - курулуш; тоо-кен иштери;
«F» - механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соргучтар; курал-жарак жана ок-дары; жардыруу жумуштары;
«G» - физика;
«Н» - электр кубаты.

Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата 4795 ойлоп табуу корголууда, анын ичинде улуттук жол-жобо боюнча - 274 (өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттер – 258, патенттер – 15, калыбына келтирилгени -1), Евразия патенттик конвенциясынын жол-жобосу боюнча – 4521. Мурдагы жылга салыштырмалуу көрсөткүч 20 %га көбөйдү (2015-жылы бардык корголгон ойлоп табуулар - 4024).

## 2. Пайдалуу моделдер

2016-жылы Кыргызпатентке пайдалуу моделге патент алууга 24 өтүнмө берилген, анын ичинен чет өлкөлөрдөн келип түшкөн өтүнмөлөр – 6 (Россия - 4, Кытай – 2).

2015-жылга тиешелүү өтүнмөлөрдү эсепке алып, 27 чечим чыгарылган, анын ичинен 25 - оң чечим, 2 – кайра сурап алынган.

*Пайдалуу моделдерди каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2012-2016-жж.)*

*2.1-таблица.*

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны | 17 | 9 | 10 | 17 | 24 |
| Улуттук өтүнмөлөр | 17 | 8 | 8 | 14 | 18 |
| Чет өлкөдөн келип түшкөн өтүнмөлөр | - | 1 | 2 | 3 | 6 |

Эл аралык патенттик жиктеме (мындан ары –ЭПЖ) боюнча пайдалуу моделге келип түшкөн өтүнмөлөрдүн көптөгөн саны төмөнкү бөлүмдөргө кирет: «А: Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу», «Е: Курулуш; тоо-кен иштери».

*Эл аралык патенттик жиктемесине ылайык өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү (2013-2016-жж.)*

*2.1-диаграмма*




«А» - адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу;
«В» - ар кандай технологиялык процесстер;
«С» - химия; металлургия;
«Е» - курулуш; тоо-кен иштери;
«F» - механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соргучтар; курал-жарак жана ок-дары; жардыруу жумуштары;
«G» - физика;
«Н» - электр кубаты.

Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата 37 пайдалуу модель корголуудa (2015-жылы 40 пайдалуу модель корголгон).

## 3. Өнөр жай үлгүлөрү

2016-жылы Кыргызпатентке өнөр жай үлгүлөрүнө патент алууга 18 өтүнмө берилген, анын ичинен улуттук өтүнмө ээлеринен – 9 (жеке жактардан – 9) жана чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен келип түшкөн өтүнмөлөр – 9 (Япония – 1, Корея – 1, Түркия – 4, Беларусь – 3).

2015-жылдын өтүнмөлөрүн эсепке алуу менен 32 оң чечим чыгарылган.

*Өнөр жай үлгүлөрүн каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2012-2016-жж.)*

*3.1-таблица.*

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| *Өтүнмөлөрдүн жалпы саны* | *36* | *14* | *53* | *23* | *18* |
| *Улуттук өтүнмөлөр* | *17* | *12* | *47* | *12* | *9* |
| *Чет өлкөдөн келип түшкөн өтүнмөлөр* | *19* | *2* | *6* | *11* | *9* |

Өнөр жай үлгүлөрүнүн эл аралык жиктемесине ылайык (мындан ары – ӨҮЭЖ) өтүнмөлөрдүн көптөгөн саны төмөнкү классчаларга келип түшкөн: 09-01 (шишелер, флакондор, банкалар, айнек идиштер,..), 12-15 (авто үчүн тайгаланууга каршы шиналар жана чынжырлар…), 06-01 (Отургучтар, креслолор жана ушу сыяктуу эмеректер…), 09-07 (Жабуу үчүн эптештиргич, …), 01-01 (адамдар жана жаныбарлар үчүн тамак-аш азыктары…), 02-05 (галстуктар, шарфтар, бир байлам жоолуктар…), 11-02 (майда-чүйдө жасалгалар, стол үчүн жасалгалоолор, вазалар…), 14-12 (периферриялык түзүлүштөр үчүн жабдуулар…).

*ӨҮЭЖгө ылайык өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү (2013-2016-жж.)*

*3.1-диаграмма*



Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата 6073 өнөр жай үлгүлөрү корголууда (2015-жылы – 6021), анын ичинде улуттук жол-жобо боюнча – 135 (анын ичинен өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттер – 112, патенттер – 23), Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча – 5938 (2015-жылы – 5876).

Гаага макулдашуусунун жол-жобосуна ылайык Кыргызпатентке Өнөр жай үлгүлөрүнүн эл аралык бюллетендеринин 47 номери келип түшкөн, аларда патенттөө өлкөсү катары Кыргыз Республикасын көрсөтүү менен 193 өтүнмө алынган, аларда өнөр жай үлгүлөрү боюнча - 578.

*2016-жылы өтүнмө ээлеринин өлкөлөрү боюнча Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү*

*3.2-таблица*

| Өлкө | Өлкөнүн коду | 2016-ж. |
|---|---|---|
| Швейцария | CH | 131 |
| Италия | IT | 16 |
| Түркия | TR | 13 |
| АКШ | US | 8 |
| Франция | FR | 5 |
| Кипр | CYP | 2 |
| Болгария | BG | 2 |
| Германия | DE | 2 |
| Латвия | LVA | 2 |
| Япония | JP | 2 |
| Башка өлкөлөр | | 10 |
| Бардыгы | | 193 |

Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча 5938 өнөр жай үлгүлөрү корголууда.

Отчеттук мезгилде 214 оң чечим чыгарылган, баш тартылган чечим чыгарылган эмес.

Өтүнмөлөр ӨҮЭЖдин төмөнкү класстарына тиешелүү.

*3.3-таблица*

| Өлкө | Өлкөнүн коду | 2016-ж. |
|---|---|---|
| 02 (02-02,04,07) | Кийимдер жана галантерея | 9 |
| 03 (03-01) | Башка класстарга киргизилбеген жол буюмдары, \кутулар, чатырлар жана жеке буюмдар | 16 |
| 07 (07-02,03,04, 99) | Башка класстарга киргизилбеген үйдө күнүмдүк колдонулуучу буюмдар | 5 |
| 08 (08-08) | Аспаптар жана металл буюмдары | 1 |
| 09 (09-01,03,05) | Ташуу үчүн пайдаланылуучу идиштер, таңгактар жана контейнерлер | 8 |
| 10 (10-02,04,07) | Өлчөө, контролдоо жана ишараттоо үчүн саат-тар, башка алеттер жана аспаптар | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 11 (11-01) | Жасалгалоо буюмдары | 25 |
| 12 (12-07,11,16) | Транспорт каражаттары жана жүк көтөрүүчү түзүлүштөр | 3 |
| 13 (13-03) | Электр энергиясын өндүрүү, бөлүштүрүү жана кайра түзүү үчүн жабдуу | 3 |
| 14 (14-02,03,04) | Маалымат жазуу, берүү, издөө жана иштеп чыгуу үчүн жабдуу | 2 |
| 15 (15-07) | Башка класстарга киргизилбеген машиналар жана станоктор | 1 |
| 16 (16-06) | Фото- жана киноаппаратура, оптикалык алеттер | 2 |
| 19 (19-06) | Канцелярия жана кеңсе буюмдары жана көркөм чыгармачылык жана окутуу үчүн куралдар, материалдар жана буюмдар | 1 |
| 21 (21-02) | Оюндар, оюнчуктар, чатырлар, тенттер жана спорт товарлары | 1 |
| 23 (23-04) | Суюктуктарды жана газдарды бөлүштүрүү үчүн жабдуу, санитардык жабдуу, абаны жылытуу, желдетүү жана жөнгө салуу үчүн жабдуу, катуу отун | |
| 24 (24-01,04) | Медициналык жана лабораториялык жабдуу | 3 |
| 25 (25-02, 03) | Курулуш блоктору, курулуш түзүлмөлөр жана алардын элементтери | 6 |
| 26 (26-05) | Жарык берүүчү алеттер жана түзүлүштөр | 2 |
| 28 (28-03) | Фармацевтикалык жана косметикалык каражаттар, туалет буюмдары жана алеттер | 2 |
| 31 (31-00) | Башка класстарга киргизилбеген тамак-аш жана суусундуктарды даярдоо үчүн машиналар жана куралдар | 1 |
| 32 (32-00) | Графикалык символдор жана логотиптер, коордомолор, орнаменттер | 7 |

## 4. Рационализатордук сунуштар

Отчеттук жылы рационализатордук сунушту каттоого 17 өтүнмө келип түшкөн.

*Рационализатордук сунуштарга келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2012-2016-жж.)*

*4.1- таблица*

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн саны | 72 | 68 | 60 | 35 | 17 |

Отчеттук мезгилде рационализатордук сунушту каттоого 17 оң чечим чыгарылган.

2016-жылдын 31-декабрына карата катталган рационализатордук сунуштардын саны 842 өтүнмөнү түзгөн.

## 5. Товардык белгилер

2016-жылы улуттук жол-жобо боюнча товардык белгилерди каттоого 640 өтүнмө келип түшкөн. Улуттук өтүнмө ээлеринен келип түшкөн өтүнмөлөрдүн үлүшү 29,3 %ды, чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен 70,7 %ды түзгөн.

*Товардык белгилерди каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2012-2016-жж.)*

*5.1-таблица*

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны | 703 | 706 | 714 | 748 | 640 |
| Улуттук өтүнмөлөр | 184 | 232 | 275 | 243 | 187 |
| Чет өлкөдөн келип түшкөн өтүнмөлөр | 519 | 474 | 439 | 505 | 453 |

Көрсөтүлгөн мезгилде товардык белгилерге өтүнмөлөр боюнча чыгарылган:

оң чечимдер – 749;
каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимдер - 15;
кайра сурап алынган өтүнмөлөр – 4;
алдын ала экспертизада кайра сурап алынганы – 4.

Улуттук жол-жобо боюнча келип түшкөн өтүнмөлөрдү келип чыккан өлкөлөрү боюнча бөлүштүрүү 5.2-таблицада көрсөтүлгөн.

*2016-жылы өтүнмөлөрдү өтүнмө ээлеринин өлкөлөрү боюнча бөлүштүрүү*

*5.2-таблица.*

| Өлкө | Өлкөнүн коду | 2016-ж. |
|---|---|---|
| Бириккен Араб Эмираттары | AE | 10 |
| Бельгия | BE | 7 |
| Болгария | BG | 1 |
| Швейцария | CH | 26 |

| | | |
|---|---|---|
| *Кытай* | *CN* | *49* |
| *Куба* | *CU* | *1* |
| *Кипр* | *CY* | *8* |
| *Чех Республикасы* | *CZ* | *2* |
| *Германия* | *DE* | *9* |
| *Дания* | *DK* | *2* |
| *Египет* | *EG* | *1* |
| *Эстония* | *EE* | *1* |
| *Финляндия* | *FI* | *1* |
| *Франция* | *FR* | *1* |
| *Улуу Британия* | *GB* | *19* |
| *Грузия* | *GE* | *1* |
| *Гонконг* | *HK* | *6* |
| *Ирландия* | *IE* | *4* |
| *Индия* | *IN* | *16* |
| *Италия* | *IT* | *4* |
| *Иран (Ислам Республикасы)* | *IR* | *2* |
| *Джерси (Норманд аралдары)* | *JE* | *3* |
| *Иордания* | *JO* | *1* |
| *Япония* | *JP* | *14* |
| *Кыргызстан* | *KG* | *187* |
| *Корея Республикасы* | *KR* | *82* |
| *Кайман аралдары* | *KY* | *8* |
| *Казакстан* | *KZ* | *13* |
| *Латвия* | *LV* | *9* |
| *Шри-Ланка* | *LK* | *1* |
| *Македония* | *MK* | *1* |
| *Нидерланды* | *NL* | *6* |
| *Польша* | *PL* | *7* |
| *Россия Федерациясы* | *RU* | *35* |
| *Сауд Арабиясы* | *SA* | *1* |
| *Сингапур* | *SG* | *1* |
| *Швеция* | *SE* | *1* |
| *Түркия* | *TR* | *7* |
| *Тайвань, Кытай провинциясы* | *TW* | *3* |
| *Украина* | *UA* | *1* |
| *АКШ* | *US* | *84* |
| *Өзбекстан* | *UZ* | *1* |
| *Виргин аралдары (Британия)* | *VG* | *2* |
| *Түштүк Африка Республикасы* | *ZA* | *1* |
| ***Бардыгы:*** | | ***640*** |

Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата улуттук жол-жобо боюнча 10 090 товардык белги корголууда (2015-жылы – 9847 товардык белги).

**6. Эл аралык товардык белгилер**

2016-жылы Товардык белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид системасы боюнча 2172 өтүнмө келип түшкөн жана 2245 каттоо узартылган. Мадрид системасы боюнча келип түшкөн өтүнмөлөрдүн саны мурдагы жылга салыштырмалуу 13,17 %га азайды.

*Эл аралык өтүнмөлөрдүн келип түшүү динамикасы (2012-2016-жж.)*

*6.1-таблица*

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны | 4091 | 4585 | 4448 | 5087 | 4417 |
| Улуттук өтүнмөлөр | 2724 | 3006 | 2497 | 2844 | 2172 |
| Чет өлкөдөн келип түшкөн өтүнмөлөр | 1367 | 1579 | 1951 | 2243 | 2245 |

*2014-жылдан тартып 2016-жылга чейинки жылдар боюнча өтүнмө ээлеринин өлкөлөрү боюнча эл аралык өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү*

*6.2-таблица*

| Өлкө | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|
| Австралия | 5 | 5 | 1 |
| Австрия | 35 | 42 | 34 |
| Азербайжан | – | 2 | – |
| АКШ | 194 | 271 | 189 |
| Албания | 1 | – | – |
| Алжир | 1 | – | – |
| Араб Эмираттары | 3 | – | – |
| Армения | 2 | 2 | 6 |
| Барбадос | – | 2 | – |
| Бахрейн | – | – | 1 |
| БАЭ | 7 | 2 | 3 |
| Белиз | 2 | 7 | 2 |
| Бельгия | 32 | 57 | 56 |
| Беларусь | 21 | 26 | 20 |
| Бермуд | – | 4 | 2 |
| Болгария | 32 | 20 | 8 |
| Босния жана Герцеговина | – | – | 3 |
| Венгрия | 17 | 120 | 21 |
| Виргин аралдары | 7 | 12 | 4 |
| Вьетнам | – | 4 | 4 |
| Германия | 199 | 273 | 198 |
| Гибралтар | 1 | – | – |
| Греция | 5 | 2 | 10 |
| Грузия | 8 | 5 | 7 |
| Дания | 6 | 25 | 17 |
| Джерси | – | 1 | 1 |
| Доминикана Республикасы | 1 | – | – |
| Египет | 1 | 4 | 1 |
| Жаңы Зеландия | – | 3 | 4 |
| Израиль | 4 | 2 | 3 |
| Индия | 13 | 13 | 12 |
| Иран | 19 | 14 | 17 |
| Ирландия | 4 | 14 | 14 |
| Исландия | 5 | 3 | – |
| Испания | 40 | 34 | 22 |
| Италия | 142 | 121 | 101 |
| Казакстан | 16 | 27 | 51 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| *Канада* | *2* | *1* | *3* |
| *Кипр* | *39* | *48* | *30* |
| *Кытай* | *265* | *252* | *289* |
| *Корея* | *19* | *21* | *39* |
| *Куба* | *3* | – | – |
| *Кюрасао* | *1* | *1* | – |
| *Латвия* | *11* | *12* | *18* |
| *Ливан* | *1* | – | – |
| *Литва* | *1* | *4* | *5* |
| *Лихтенштейн* | *30* | *10* | *5* |
| *Люксембург* | *18* | *50* | *38* |
| *Мальта* | *3* | – | – |
| *Македония* | – | *1* | – |
| *Марокко* | *1* | *3* | *1* |
| *Мексика* | *2* | *3* | *1* |
| *Молдова* | *5* | *19* | *8* |
| *Монако* | *2* | *1* | *2* |
| *Монголия* | | *2* | – |
| *Нидерланды* | *38* | *54* | *34* |
| *Норвегия* | *1* | *2* | *1* |
| *Өзбекстан* | *2* | *1* | *3* |
| *Панама* | *1* | *2* | – |
| *Перу* | *6* | – | – |
| *Польша* | *20* | *38* | *18* |
| *Португалия* | *2* | *1* | *1* |
| *Пуэрто-Рико* | – | – | *1* |
| *Россия* | *394* | *388* | *268* |
| *Румыния* | – | *4* | *2* |
| *Сан-Марино* | *1* | *2* | *2* |
| *Сейшел* | – | *1* | – |
| *Сербия* | – | *3* | *4* |
| *Сингапур* | *7* | *8* | *7* |
| *Словакия* | *3* | *3* | *2* |
| *Словения* | *24* | *20* | *18* |
| *Тажикстан* | – | *1* | – |
| *Түркмөнстан* | – | – | *12* |
| *Түркия* | *262* | *190* | *141* |
| *Украина* | *81* | *92* | *45* |
| *Улуу Британия* | *60* | *59* | *24* |
| *Уругвай* | *2* | – | – |
| *Филиппин* | – | *2* | – |
| *Финляндия* | *14* | *13* | *13* |
| *Франция* | *105* | *121* | *92* |
| *Черногория* | *1* | – | – |
| *Чех Республикасы* | *10* | *10* | *28* |
| *Швейцария* | *161* | *220* | *152* |
| *Швеция* | *12* | *12* | *12* |
| *Эстония* | *6* | *1* | *1* |
| *Япония* | *58* | *51* | *39* |
| ***Бардыгы:*** | ***2497*** | ***2844*** | ***2172*** |

Кыргыз Республикасы Мадрид системасына кошулган күндөн тартып бүткүл мезгилдин ичинде 1993-жылдан 2017-жылга чейин улуттук өтүнмө эллеринен Кыргызпатент аркылуу 34 өтүнмө берилген.

### 7. Товарлар келип чыккан жерлердин аталыштары

2016-жылы Товарлар келип чыккан жерлердин аталыштары (ТЧЖА) каттоого жана аны пайдаланууга укук берүүгө 1 өтүнмө «HELLIM» келип түшкөн.

Өтүнмө ээси: Түндүк Кипрдин Түрк Республикасынын Өнөр жай палатасы.

Товардын түрү: «Сырлар».

ТЧЖАны каттоого жана аны пайдаланууга укук берүүгө жана катталган ТЧЖАны пайдаланууга укук берүүгө келип түшкөн өтүнмөлөр акыркы эки жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу төмөндөгөн: 2015-жылы 1 өтүнмө, ал эми 2014-жылы 7 өтүнмө келип түшкөн.

Отчеттук мезгилде «КАБАЙ» ЖЧК өтүнмө ээсинин атына «Ак-Суу» ТЧЖАны каттоо жана аны пайдаланууга укук берүү жөнүндө 1 чечим чыгарылган, Бишкек (KG), товардын түрү – минералдык суу.

Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата 17 товарлар келип чыккан жерлердин аталыштары корголууда.

### 8. Фирмалык аталыштар

1.01.2016-ж. 20.08.2016-ж. чейин фирмалык аталышты каттоого 7 өтүнмө келип түшкөн. 2016-жылдын 23-июлунда №133 «Фирмалык аталыштар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп таанууга байланыштуу, 21.08.2016-ж. тартып өтүнмөлөр келип түшкөн эмес.

Фирмалык аталыштардын келип түшүүсүнүн динамикасы: 2014-жылы 21 өтүнмө, 2015-жылы 45 өтүнмө келип түшкөн.

Көрсөтүлгөн мезгилде фирмалык аталыштарга өтүнмөлөр боюнча 2015-жылдын өтүнмөлөрүн эсепке алуу менен 11 оң чечим чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата 418 фирмалык аталыштар корголууда.

### 9. Селекциялык жетишкендиктер

2016-жылы селекциялык жетишкендиктерди каттоого өтүнмө келип түшкөн жок.

2015-жылы 3 өтүнмө келип түшкөн, 3 оң чечим чыгарылган.

2014-жылы 1 өтүнмө келип түшкөн, 1 оң чечим чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата бардыгы 8 селекциялык жетишкендик корголууда.

## 10. Салттуу билимдер

2016-жылы 1 өтүнмө келип түшкөн, 1 оң чечим чыгарылган.

2015-жылы өтүнмө келип түшкөн жок.

2014-жылы 2 өтүнмө келип түшкөн жана 1 оң чечим чыгарылган, 1 өтүнмө кайра сурап алынган.

Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата 8 салттуу билим корголууда.

## 11. Автордук укук жана чектеш укуктарды коргоо

2016-жылы Кыргызпатентке автордук укук объектилерин каттоого 331 өтүнмө келип түшкөн:

- ЭЭМ үчүн программаларды каттоого 50 өтүнмө;
- маалымат базасын каттоого 6 өтүнмө;
- интегралдык микросхемалардын топологияларын каттоого 3 өтүнмө.

*Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2012-2016-жж.)*

*11.1-таблица*

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Автордук укук | 264 | 183 | 273 | 228 | 331 |
| ЭЭМ үчүн программалар | 25 | 26 | 74 | 34 | 50 |
| Маалымат базалары | - | 4 | 1 | 4 | 6 |
| Интегралдык микро-схемалардын топологи-ялары | - | - | - | 2 | 3 |

Кыргыз Республикасынын аймагында 2016-жылдын 31-декабрына карата Мамлекеттик реестрде 3074 автордук укук объекти, 444 ЭЭМ үчүн программалар, 32 маалымат базалары, 5 интегралдык микросхемалардын топологиялары катталган.



## V. Мүлктүк укуктарды жамааттык башкаруу

“Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргызпатент авторлор менен укук ээлеринин мүлктүк укуктарын жамааттык башкарат, илим, адабият жана искусство жаатындагы чыгармачылыкты өнүктүрүү, сотко кайрылуу укугу менен кошо, авторлор менен чектеш укуктар ээлеринин укуктарын ишке ашыруу үчүн көмөктөшөт, автордук укуктарды пайдалангандыгы үчүн келишимдерди түзөт, ошондой эле автордук сыйакыларды (гонорар) чогултат, бөлүштүрөт жана авторлор менен укук ээлерине төлөйт.

Алардын мүлктүк укуктарын жүзөгө ашырууга улуттук авторлордун ыйгарым укуктары Кыргызпатентке укук ээлеринин өз ыктыярлары менен жазуу түрүндөгү келишимдердин негизинде өткөрүлүп берилген. Чет өлкөлүк авторлордун укуктары авторлордун мүлктүк укуктарын жамааттык башкаруучу чет өлкөлүк уюмдар менен түзүлгөн макулдашууларга ылайык башкарылат.

2016-жылы автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууга 275 лицензиялык келишим түзүлгөн (2015-жылы – 269 лицензиялык келишим).

2016-жылы чогултулган автордук сыйакы – 10 804 503 сомду түзгөн (он миллион сегиз жүз төрт миң беш жүз үч сом). 2015-жылга салыштырмалуу чогултулган автордук сыйакынын көлөмү 8,5 %га көбөйдү.

*11.2-диаграмма*




2016-жылы Кыргызпатент тарабынан Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынан келип түшкөн аудиовизуалдык продукцияларды текшерүү боюнча иштер улантылды. Текширилген продукциянын жалпы саны 5 нусканы түздү (2015-жылы- 82 нуска), алар боюнча 5 корутунду чыгарылган.

**2015-2016-жылдарда текширилген продукция**

*11.3-таблица*

| *Көрсөткүчтүн аталышы* | *2012-ж.* | *2013-ж.* |
|---|---|---|
| *DVD форматындагы компакт- дисктер* | *46* | - |
| *Аудиовизуалдык чыгармасы менен флэш-карта* | *1* | - |
| *1С программалык камсыздоосу менен системалык блоктор* | *30* | *4* |
| *Сервер* | *4* | - |
| *Майкрософт ПК менен ноутбук* | *1* | *1* |



## VI. Лицензиялык келишимдерди каттоо

2016-жылы Кыргызпатентке интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды башкаруу жөнүндө келишимдерди каттоого 103 өтүнмө келип түшкөн жана катталган.

Катталган лицензиялык келишимдердин ичинен:

*1) 22 келишим укуктарды өткөрүп берүүгө:*

- өзгөчө лицензия берүү менен товардык белгилерди пайдаланууга - 3;
- өзгөчөлүксүз лицензия берүү менен товардык белгилерди пайдаланууга - 16;
- өзгөчөлүксүз лицензия берүү менен автордук укук объектисин пайдаланууга - 1;
- өзгөчө лицензия берүү менен автордук укук объектисин пайдаланууга - 1;
- өзгөчөлүксүз лицензия берүү менен өнөр жай үлгүсүн пайдаланууга - 1;

*Бул лицензиялык келишимдер төмөнкүлөр менен түзүлгөн:*

- товардык белгилерди пайдаланууга өзгөчө лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 3;
- товардык белгилерди пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 10;
- товардык белгилерди пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 5;
- товардык белгилерди пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 1;
- автордук укук объектисин пайдаланууга өзгөчө лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 1;

• автордук укук объектисин пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 1;

• өнөр жай үлгүсүн пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 1;

*2) укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө 80 келишим:*

• товардык белгилерге - 78;

• автордук укук объектилерине – 2.

• Төмөнкүдөй лицензиялык келишимдер түзүлгөн:

• товардык белгилерге укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө 65 келишим чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлгөн;

• товардык белгилерге укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө 6 келишим кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлгөн;

• товардык белгиге укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө 1 келишим кыргыз жеке жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлгөн;

• товардык белгиге укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө 1 келишим кыргыз жана чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлгөн;

• товардык белгиге укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө 5 келишим кыргыз жеке өнөктөрдүн ортосунда түзүлгөн;

• автордук укук объектисине укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө 2 келишим чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлгөн;

• товардык белгинин күрөөсү жөнүндө 1 келишим чет өлкөлүк жана кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда түзүлгөн;

*3) товардык белгиге күрөөнүн 1 келишими;*

*4) мурда катталган келишимдерге 8 өзгөртүүлөр.*

*Мындан тышкары, автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу укугуна 275 лицензиялык макулдашуу катталган, анын ичинен:*

• телерадиоберүү – 10;

• клуб – 3;

• дүкөндө, соода борборлору – 80;

• театр, кинотеатр, филармония – 13;

• кафе, барлар, ресторандар, пабдар, кофейнялар, чайхана – 161;

• эс алуу борбору – 3.

• импресарио – 2;

• караоке – 3.




# VII. Интеллектуалдык менчик укуктарын ишке ашыруу

**Сот практикасы жана Кыргызпатентке караштуу Апелляциялык кеңештин иши**

Интеллектуалдык менчик жаатындагы талаш-тартыштарды чечүүдө карап чыгуунун сапатын жогорулатуу, жалпы ыкманы иштеп чыгуу, ошондой эле интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо маселелерин аныктоо үчүн интеллектуалдык менчик жаатындагы талаш-тартыштарды карап чыгуу боюнча сот иштери тууралуу маалыматтарды чогултуу, системага салуу жүргүзүлүүдө.

Ошентип 2016-жылы Кыргызпатенттин өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын ар кандай сот инстанцияларында интеллектуалдык менчик жаатындагы 24 талаш-тартышты кароодо катышты (2015-жылы 28 талаш-тартыш).

*Кыргызпатенттин сот отурумдарына катышуусу (2016-ж.)*

*6.1-таблица*

| ***Доо арыздын түрлөрү*** | | ***Чечим чыгарылган*** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Берилген | Канаат тандырылган | Баш тартылган | Даттанылган | Кароосуз калтырылган | Кароодо | Тынч |
| *Пайдаланбаган себеби боюнча товардык белгини коргоону мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө* | 1 | 2 | - | | 1 | 1 | - |
| *Түрдүк түшүнүккө байланыштуу товардык белгинин күчүн токтотуу жөнүндө* | - | - | - | - | - | - | - |
| *Мамлекеттик органдын ченемдик эмес актыларын жокко чыгаруу жөнүндө (Кыргызпатенттин чечимдерин)* | 1 | - | | 1 | - | 3 | - |

| Доо арыздын түрлөрү | Чечим чыгарылган | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Берилген | Канаат тандырылган | Баш тартылган | Датталынган | Кароосуз калтырылган | Кароодо | Тынч |
| Товардык белгиге өзгөчө укукту коргоо жөнүндө | 3 | 1 | 1 | 1 | - | 3 | - |
| Фирмалык аталышка өзгөчө укукту коргоо жөнүндө | - | - | - | - | - | - | - |
| Автордук укукту коргоо жөнүндө | 3 | - | - | - | 1 | | 1 |
| Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу укугуна Кыргызпатент менен лицензиялык макулдашуу түзүүгө мажбурлоо жөнүндө | 1 | - | - | - | - | 1 | - |
| Автордук сыйакыны төлөтүү жөнүндө | 4 | 2 | - | - | | 1 | 1 |
| Эмгек талаш-тартыштар | - | - | - | - | 1 | 1 | - |
| Чарбалык талаш-тартыштар | - | - | - | - | - | - | - |
| Бардыгы: | **13** | **5** | **1** | **2** | **3** | **10** | **2** |

*2016-жылы* Кыргызпатентке караштуу Апелляциялык кеңеште каралган өнөр жай менчик объектилеринин, селекциялык жетишкендиктердин түрлөрү боюнча каршы пикирлерди жана арыздарды бөлүштүрүү

*6.2-таблица*

| Өнөр жай менчик объектилеринин, селекциялык жетишкендиктердин түрлөрү | Келип түшкөн каршы пикирлердин саны | Каралган каршы пикирлер дин саны | Кароого берилген каршы пикирлердин саны | Токтотулган каршы пикирлердин/ арыздардын саны | Кайра сурап алынган каршы пикирлердин/ арыздар дын саны | Кароосуз калтырылган каршы пикирлер/ арыздар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *Өнөр жай үлгүлөрү* | - | 1 | - | - | - | - |
| *Товардык белгилер* | 8 | 6 | 1 | 2 | - | 1 |
| *Товардык белгинин жалпы белгилүүлүгүн таануу/күчүн жоготуу жөнүндө арыздар* | - | 2 | - | - | 2 | - |
| **Бардыгы:** | ***8*** | ***9*** | ***1*** | ***2*** | ***2*** | ***1*** |

Отчеттук жылы каралган каршы пикирлер жана арыздар боюнча Апелляциялык кеңеш тарабынан төмөнкү чечимдер кабыл алынды:

- канааттандырылды - 4;
- баш тартылды - 5;
- токтотулду - 2;
- кайра сурап алынды - 2;
- кароосуз калтырылды - 1.



# VIII. Маалыматтык технологияларды киргизүү

Кыргызпатенттин негизги милдеттеринин бири болуп ведомствонун өндүрүштүк процесстерин автоматташтыруу, маалымат базаларын колдоо жана өнүктүрүү, маалыматтардын борбордоштурулуп сакталышын жана аларды мындан ары дагы пайдалануу үчүн ар түрдүү форматта чыгарууну камсыздоо саналат, бул акыркы дайындардын окшоштук деңгээлине, МБга on-line кирүүнү жана Интернетти чексиз пайдаланууну камсыздоого кепилдик берет.

Ведомствонун www.patent.gov.kg сайтын коштоо жана өнүктүрүү жүзөгө ашырылган, ал аркылуу пайдалануучуларга өнөр жай менчик объектилери боюнча статистика менен таанышууга мүмкүндүк берилет. Ведомствонун сайтында “Инновациялык долбоорлордун маалымат базасы” деген бөлүм түзүлгөн.

Интеллектуалдык менчик объектилери боюнча өтүнмөлөрдү электрондук түрдө берүү жана өтүнмөлөрдү кароо процессин автоматташтыруу боюнча маалымат базасын иштеп чыгууга техникалык тапшырма даярдалган. ИМО боюнча өтүнмөлөрдү электрондук түрдө берүү жана өтүнмөлөрдү кароо процессин автоматташтыруу системасын иштеп чыгуу жана аны киргизүү жөнүндө «TimelySoft» компаниясы менен келишим түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу «Инфосистема» мамлекеттик мекемеси менен бирге төмөнкү кызмат көрсөтүүлөр боюнча веб – портал иштелип чыккан:

1) Тематикалык библиографиялык тизме түзүү;

2) Эл аралык патенттик жиктеме жана универсалдуу ондук жиктеме боюнча теманы жиктөө.



# IX. Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондунун иши жана чыгармачылык ишти колдоо

Кыргызпатентке караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (ИМ Мамфонду) Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык дараметин бекемдөө, маданиятты, ойлоп табуучулук ишин колдоо, өнүктүрүү максатында 2016-жылы авторлордун 60 арызын жана ойлоп табуучулардын 4 арызын карап чыккан. Башкармалыктын отурумунда 58 арыз кралган. Отчеттук мезгилде 7 жаш автордун чыгармалары жана «Саамалык-12» адабий альманахы чыгарылган.



*“Саамалык -12” Кыргызстандын жаш акындарынын жана прозачыларынын чыгармаларынын жыйнагынын бетачары*

Инновациялык ишти жигердендирүүгө жана бизнес-коомдун, мамлекеттик түзүмдөрдүн жана ойлоп табуучулардын кызматташуусун бекемдөөгө, окуучулар менен жаштардын интеллектуалдык чыгармачылыгын өнүктүрүүгө байланыштуу актуалдуу маселелерди талкуулоо үчүн ИМ Мамфонду тарабынан бир катар иш-чаралар өткөрүлдү:




*"Саамалык -12" Кыргызстандын жаш акындарынын жана прозачылары-нын чыгармаларынын жыйнагынын бетачары*

1) 2016-жылдын 20-апрелинен 23-апрелине чейин Чолпон-Ата шаарында *«Биз XXI кылымдын интеллектуалдары» деген эл аралык конкурс өткөрүлгөн. Конкурска Кыргызстандын бардык региондорунун окуучулары жана* И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (КМТУ), Б. Ельцин атындагы Кыргызстан-Россия Славян университетинин (КРСУ), Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт, архитектура университетинин (КМКТАУ), К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин жана Талас мамлекеттик университетинин *студенттери катышкан. Конкурска* «Жаңы теориялык иштеп чыгулар жана моделдер», «Астрономия жана космостук билим», «Алеттер, радиожабдуулар жана телекоммуникациялык системалар», «Энергия жана энергия үнөмдөөчү технологиялар», «Маалыматтык технологиялар жана программалоо» деген *беш номинация боюнча 150 изилдөө жана ойлоп табуучлук долбоорлор билдирилди. 132 конкурсант, 107 долбоор катышты, конкурстун жыйынтыгы боюнча 26 сыйлык тапшырылды;*

2) 2016-жылдын 28-апрелинде мамлекеттик органдар, региондун илими, түштүк региондун фермерлери жана ЖОЖдордун ортосунда антча түзүү максатында Жалал-Абад мамлекеттик университетинде (ЖАМУ) тегерек стол өткөрүлгөн. Иш-чаранын максаты - интеллектуалдык менчик объектилерин жаратуу боюнча иш тажрыйбалар, биожер семирткичтер менен алмашуу. Тегерек столго фермерлер, түштүк облустардын мамлекеттик органдары, ЖАМУнун, Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ), М. Адышев атындагы Ош мамлекеттик университетинин (ОшТУ) окутуучулары катышты;

3) 2016-жылдын 15-июнунда «Медицинадагы ойлоп табуулар. Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоо» деген семинар-тренинг өткөрүлгөн. Иш-чаранын максаты - интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоо боюнча билимдерди жайылтуу жана медицина тармагындагы ойлоп табууларга тиешелүү актуалдуу маселелерди чагылдыруу. Семинар-тренингге Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун

професcордук-окутуучулук курамы, ойлоп табуучулар, студенттер, аспиранттар, ТИКБнын координаторлору жана Кыргызпатенттин эксперттери катышты;

4) 2016-жылдын 16-сентябрында Кыргызпатент ОшТУнун Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун (ТИКБ) базасында “Республиканын тамак-аш тармагында инновациялык долбоорлорду коммерциялаштыруу тажрыйбасы” деген семинар-тренинг өттү. Семинар-тренинг өлкөнүн тамак-аш тармагында инновациялык долбоорлордун заманбап абалы жана өнүктүрүү келечеги, коммерциялаштыруунун актуалдуу маселелерин чагылдырууга багытталган. Иш-чарага ОшТУнун, ОшМУнун, ЖАМУнун профессордук-окутуучулук курамы, аспиранттар жана студенттер катышты.



*ОшТУнун Технологияны жана инновацияны колдоо борборунун базасындагы “Республиканын тамак-аш тармагында инновациялык долбоорлорду коммерциялаштыруу тажрыйбасы” семинар-тренинги*

Чакан жана орто ишканаларда инновациялык ишти жигердендирүү, интеллектуалдык менчик объектилерин пайдалануу жөнүндө маалымат берүү жана аларды коммерциялаштыруу максатында тренингдер жана семинарлар өткөрүлгөн:

- 2016-жылдын 27-январында И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында 54 кишинин катышуусу менен;
- 2016-жылдын 8-февралында «Ататүрк-Ала-Тоо» эл аралык университетинде 46 кишинин катышуусу менен;
- 2016-жылдын 26-февралында Кыргыз илимий-изилдөө институтунда 43 кишинин катышуусу менен;
- 2016-жылдын 24-мартында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо улуттук борборунда 50 киши катышкан;
- 2016-жылдын 27-апрелинде ОшМУнун ТИКБнын базасында “Өтүнмө түзүүнүн жана тариздөөнүн тартиби жана бизнес долбоорлорду түзүү” деген тренинг өткөрүлгөн (44 киши катышкан); ТИКБнын базасында “Өтүнмө түзүүнүн жана тариздөөнүн тартиби жана бизнес долбоорлорду түзүү” деген тренинг өткөрүлгөн (44 киши катышкан);




*ОшМУнун ТИКБсынын базасында “Бизнес-долбоорлорду түзүүнүн жана өтүнмөнү тариздөөнүн жана берүүнүн тартиби” тегерек үстөлү*

- 2016-жылдын 28-апрелинде Энергия ресурстары жана геоэкология институтунда жана Кыргыз Республикасынын УИАсынын Түштүк бөлүмүндө, 52 киши катышкан;
- 2016-жылдын 27-майында КРСУда “Өтүнмө түзүүнүн жана тариздөөнүн тартиби жана бизнес долбоорлорду түзүү” деген тренинг өткөрүлгөн (51 киши катышкан);
- 2016-жылдын 15-июнунда «Медицинада ойлоп табуулар. Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоо» деген семинар-тренинг өткөрүлгөн. Интеллектуалдык менчик ишинин натыйжаларын укуктук коргоо жана пайдалануу, медицина тармагындагы ойлоп табууларды илгерилетүүдөгү тоскоолдуктар, практикалык медицинага киргизилген илимий иштеп чыгуулардын мыйзамдары жана экономикалык аспектилери жөнүндө маселелер талкууланды. Семинар-тренингге Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун профессордук-окутуучулук курамы, ойлоп табуучулар, студенттер, аспиранттар, ТИКБнын координаторлору жана Кыргызпатенттин эксперттери катышты;



*“Медицинада ойлоп табуу. Интеллектуалдык менчик объектилерине укукту коргоо” семинар-тренинги*

- 2016-жылдын 13-сентябрында Нарын облусунун ТИКБ филиалынын базасында өтүнмөлөрдү түзүү жана тариздөө, бизнес долбоорлорду түзүү маселелери боюнча тренинг өткөрүлгөн;

- 2016-жылдын 14-сентябында Ысык-Көл облусунун ТИКБ филиалынын базасында өтүнмөлөрдү түзүү жана тариздөө, бизнес-долбоорлорду түзүү маселелери боюнча тренинг өткөрүлгөн. Семинарда ири мүйүздүү малды көбөйтүү боюнча күндөлүк абал, инновациялык жөнүндө иш тажрыйбалар жана маалымат менен алмашуу жана алардын негизинде ушул тармакта жаңы технологияларды майнаптуу пайдалануу боюнча айкын сунуштарды иштеп чыгуу каралган;

Кыргызпатент тарабынан НТС каналы менен бирге «Чилистен» телеберүү долбоору ишке ашырылууда. Бул телеберүүнүн максаты - долбоорду киргизүү үчүн дараметтүү инвесторлорду издөө жана ойлоп табуучулар менен бизнес-коомчулуктун ортосунда өнөктүк мамилени жөнгө салуу үчүн аянтча түзүү. Катышуучулар болуп ата мекендик ойлоп табуучулар, жаңычылдар, таланттуу балдар жана жаштар, дараметтүү инвесторлор саналат. Бүгүнкү күнү 30 «Чилистен» телеберүүсү чыгарылган, анда 85 автордун 75 ойлоп табуусу жана техникалык иштеп чыгуулары көрсөтүлгөн.



*«Чилистен» телевизиондук берүүсүнүн катышуучулары*

Чакан жана орто ишканалардын суроо-талаптары боюнча патенттерди жана патенттик издөөлөрдү каттоо, товардык белгилерди каттоо, автордук укук жана чектеш укуктар, франчайзинг маселелери боюнча 1569 консультация берилген.




# Х. Мамлекеттик патенттик–техникалык китепкананын иши жана маалыматтык тейлөө

*Мамлекеттик патенттик-техникалык китепкана (МПТК) 4 бөлүмдөн турат:*

1) Мамлекеттик патенттик фонд – Республикадагы патенттик документациялар боюнча эң ири фонд жана патенттик издөөлөрдү жүргүзүү үчүн маалыматтык база болуп саналат. Бүгүнкү күнү китепкананын фонду 18 266 943 нуска адабияттар менен документтерден турат, анын ичинде дүйнөнүн 23 тилиндеги ар түрдүү өлкөлөрдүн патенттик жана илимий-техникалык маалыматтар бар;

2) Китеп-журналдык топтом – 120 миңден ашуун китептен турат. Бул экономика, табигый илимдер, өнөр жай өндүрүшү, техника боюнча китептер. Чакан жана орто бизнес, экономика, маалыматтык-өнөр жай технологиялар, менеджмент боюнча дагы 190 аталыштагы журналдар бар;

3) Ченемдик-техникалык документтер жана өнөр жай каталогдор бөлүмү - өнөр жай каталогдорунун жана техникалык документтердин өзгөчө коллекциясы. 2016-жылы фонд 270 583 нуска адабияттар менен документтер менен толукталды;

4) Электрондук маалымат бөлүмү окурмандарга китепкананын ар түрдүү электрондук базаларын сунуштайт.

«Электрондук китепкана» долбоору иштелип чыккан жана ишке киргизилүүдө, ал электрондук каталогу жана МПТКнын элекрондук басылма фонду менен бирдиктүү маалымат банкы болуп калат. Бул долбоор төмөнкү максатта иштелип чыккан:

- МПТКнын маалыматтык ресурстарын аны кандай форматында болбосун кеңири алууну камсыздоо;
- китепкананын фондун сактоону камсыздоо жана өз фондуна жетүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү;
- толук тексттүү илимий электрондук ресурстарды өнүктүрүү жана маалыматтык контентти өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын илими, инновациялары, билим берүү жана коомдук турмушу үчүн документтерди алууну камсыздоо;
- маалыматтык тейлөө сапатын жогорулатуу;

- атайын белгиленген мазмундуу чен белгилердин, пайдалануучуларга аны ачуунун, сактоонун жана берүүнүн негизинде электрондук документтердин (тексттердин) уюштурулган массивин калыптандыруу;

- маалыматтык ресурстарда майнаптуу навигациянын.

Азыркы убакта бул долбоорду техникалык жабдуу жүргүзүлүүдө.

*Интеллектуалдык менчик жаатындагы ойлоп табуучулук, инновациялык, илимий, билим берүү ишин өнүктүрүү максатында китепкананын кызматкерлери тарабынан окурмандардын суроо-талаптары боюнча иш жүргүзүлгөн:*

1. интеллектуалдык менчик объектилери боюнча 374 патенттик издөө;

2. өнөр жай менчик объектилери боюнча 4206 консультация;

3. 2815 абонентке интеллектуалдык менчик объектилери, ИМ объектилерин баалоо, инновациялык саясат, бажы иши боюнча ченемдик укуктук жана методикалык басылмалар, өтүнмө берүү эрежелери боюнча документтер берилген;

2016-жылы МПТК илимий-техникалык адабияттар менен патенттик маалыматтардын 82 тематикалык көргөзмөсүн, анын ичинде көчмө көргөзмөлөрдү дагы уюштурган. Окурмандардын суроо-талаптары боюнча адабияттарга 970 тематикалык тандоо жүргүзгөн.

- Төмөнкүдөй тематикалык көргөзмөлөр уюштурулган:
- Бүгүнкү физика - эртеңки техника;
- Салттуу билимдерге салабаттуу мамиле;
- Интеллектуалдык менчик боюнча мезгилдүү басылмалар;
- МПТК- жаштардын чыгармачылык ойлоп табуулары үчүн;
- Инновациялык чыгармачылык жана жаштар;
- Кыргызпатенттин басылмалары;
- 23 апрель – Буткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнү;
- ИМБДУнун Алтын медалынын ээлери;
- Санарип чөйрөсүндөгү чыгармачылык: маданиятты башкача түшүнүү;



Окурмандарга электрондук түрдө мамлекеттик кызмат көрсөтүү, анын ичинде айрым документтерди электрондук түрдө жеткирүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн иш жүргүзүлгөн. Окурмандардын суроо-талаптары боюнча 2445 бетти түзгөн, 360 документ сканерленген. Алардын ичинен окурмандарга электрондук почта аркылуу 587 бетти түзгөн 116 документ жөнөтүлгөн.

2016-жылы МПТК тарабынан Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун, туризминин, насыя-акча саясатынын, транспорттук системасынын, тамак-аш рыногунун, финансы секторунун темалары боюнча 12 серептик маалымат даярдалган.

